

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептери үчүн кырсык тобокелин азайтуу боюнча

# КОЛДОНМО


Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

Министерство образования и науки Кыргызской Республики

European Union Civil Protection and Humanitarian Aid

юнисеф ар бир бала үчүн

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕПТЕРИ ҮЧҮН КЫРСЫК ТОБОКЕЛИН АЗАЙТУУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

**Жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилери үчүн**

**Бишкек 2017**

**УДК 371**
**ББК 74.04 (2)**
**К-97**

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз билим берүү Академиясынын Илимий кеңеши менен сунушталды*

Рецензент:
Савочкина Вера Владимировна, Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги, №4 мектеп-гимназиясынын мүдүрүнүн илим боюнча орун басары

**К-97** **Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мектептери үчүн кырсык тобокелин азайтуу боюнча колдонмо** / Түзүүчү: Ж. Укашев, М. Якупова – Б.: 2017. – 96 б.

**ISBN 978-9967-31-653-9**

Жалпы билим берүү мектептеринин жетекчилери жана мугалимдери үчүн Кыргыз Европа Комиссиясынын жарандык коргонуу жана гуманитардык операциялар Департаментинин колдоосу астында ЮНИСЕФ Программасынын кырсык тобокелин азайтуу боюнча чегинде иштелип чыкты (ЕСНО).

Колдонмо жалпы билим берүүчү мектептердин жетекчилери, мугалимдери, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин адистери, ошондой эле кырсык тобокелин азайтуу маселелери менен аракеттенген адистер жана эксперттерге арналган.

Аталган Колдонмодо айтылган көз караштар БУУнун Балдар уюмунун фондунун саясатын жана позициясын чагылдырууга милдеттүү эмес.

**К 4304000000-17** **УДК 371**
**ББК 74.04 (2)**

**ISBN 978-9967-31-653-9** **UNICEF, 2017**

**МАЗМУНУ**


**Кыскартуулардын тизмеси ....................................................................5**
**Киришүү ..............................................................................................6**

**I. Бөлүм. Мектепте кырсык тобокелин азайтуу жана жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү.............................................7**

1. Мектепте кырсык тобокелин азайтуу жана жарандык коргонууну уюштуруунун негиздери....................................................................7
2. Колдонмону түзүү максаты ......................................................................9
3. Кырсык тобокелин азайтуу жана жарандык коргонуу боюнча негизги түшүнүктөр.......................................................................9
4. Мектептеги кырсык тобокелдерин азайтуу боюнча негизги кадамдар..............................................................................11

1-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу боюнча комиссиясын түзүү ................12
2-кадам: Маалымат топтоо жана мектептин коопсуздук Паспортун иштеп чыгуу ..........................................................12
3-кадам: Мектеп үчүн негизги коркунучтарды аныктоо.................................13
4-кадам: Мектептин негизги коркунучтарга аярлуулугун аныктоо .....................14
5-кадам: Мектептин кырсык тобокелин талдоо жана баалоо ...............................15
6-кадам: Мектептин кырсык тобокелин азайтуу боюнча Иш-чара планын иштеп чыгуу ..................................................16
7-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу Планын иштеп чыгуу ..........................17
8-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу түзүмдөрүн жаратуу ...........................17
9-кадам: Мектептин эрте кабарландыруу системасын түзүү ................................18
10-кадам: Мектептин шашылыш эвакуациялоо системасын түзүү .......................18
11-кадам: Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык жана структуралык эмес чараларды ишке ашыруу ..............................19
12-кадам: Жабыр тарткандарга биринчи жардам көрсөтүү боюнча чараларды ишке ашыруу ..................................................................21
13-кадам: Жарандык коргонууга даярдоо жана окутуу...........................................23

**II. Бөлүм ..................................................................................................25**
**II. Бөлүк. Өзгөчө кырдаалдар учурунда билим берүү ....................................25**

1. Өзгөчө кырдаалдарда билим берүүнүн минималдык стандарттары.......................25
2. Өзгөчө кырдаалда мектептин ролу.......................................................................26
3. ӨК шарттарында айрым жактардын жана топтордун аярлуулугу ..........................27
4. Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдөгү билим берүү демилгелеринде балдардын жана жаштардын катышуусу.................................................28
5. Координациялоо жана кызматташтык ...................................................................28
6. Мектептеги биринчи кезектеги билим берүү муктаждыгын баалоону өткөрүү ..............................................................................29

7. Өзгөчө кырдаалдар учурунда мектепте билим берүү процессин калыбына келтирүү боюнча чара көрүүнү жана иш-чараларды пландаштыруу ......................29
8. Психосоциалдык жардам көрсөтүү ......................30
9. Мониторинг ......................33
**Тиркемелердин тизмеси......................34**
**Колдонулган документтердин жана адабияттардын тизмеси......................35**
**Тиркеме......................36**

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| | |
|---|---|
| **БКЗ** | Биологиялык коркунучтуу заттар |
| **ШаарБББ** | Шаардык билим берүү бөлүмү |
| **ЖК** | Жарандык коргонуу |
| **ЖКМТ** | Жарандык коргонуу Мамлекеттик тутуму |
| **ЖКК** | Жарандык коргонуу комиссиясы |
| **КР** | Кыргыз Республикасы |
| **КР ББжИМ** | Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги |
| **КР ӨКМ** | Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| **УЧА** | Укуктук-ченемдик актылары |
| **МКП** | Мектептин коопсуздук паспорту |
| **КРӨ** | Кыргыз Республикасынын Өкмөтү |
| **ПККЖ жКДРИ** | Педагогика кадрларынын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институту |
| **КТА** | Кырсык тобокелин азайтуу |
| **ЖКАДжКДБ** | Жарандык коргонуу адистерин даярдоо жана кайра даярдоо борбору |
| **РайБББ** | Райондук билим берүү бөлүмү |
| **ӨК** | Өзгөчө кырдаал |
| **ТТКН** | Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери |
| **РЗ** | Радиоактивдүү зат |
| **ХКЗ** | Химиялык коркунучтуу зат |

# КИРИШҮҮ

Кыргызстан өзүнүн географиялык жайгашуусуна байланыштуу, табигый кырсыктарга, авария жана катастрофаларга өзгөчө кабылган өлкө. Калкка, аймакка жана тиричиликти камсыз кылуучу жайларга эң чоң коркунучту жер титирөө, жер көчкү, кар көчкү, сел агымдары, ташкындар, суу каптоо, кыртыш сууларынын деңгээлинин көтөрүлүшү, жарылуу коркунучу бар көлдөр, калдык сактоочу жайлар, нөшөр, бороон, катуу шамал, мөндүр жана кар түшүү сыяктанган жаратылыш кубулуштары туудурат.

КР ӨКМнин маалыматтары боюнча, Кыргызстанда 14 миңден кем эмес кооптуу жана 4 миңден ашуун өзгөчө коркунучтуу аймактар орун алган. Бул аймактар түрдүү кырсык, авария жана катастрофа булактары, алар КР жети облусунун арасында тегиз бөлүнгөн эмес жана активдүүлүк деңгээли да ар кандай. Алардын бир бөлүгү кыйратуучу таасири боюнча транс чек аралык мүнөзгө ээ.

Статистика боюнча республиканын аймагында жыл сайын 200гө жакын түрдүү мүнөздөгү кырсыктар катталат, КР ӨКМнин маалыматы боюнча алардын түздөн-түз келтирген зыяны орточо эсеп менен 30-35 миллион АКШ долларын түзөт, а чындыгында материалдык жоготуулардын, экономикага тийгизген залакалардын, кырсыктын кесепетинен инфраструктураны реконструкциялоо жана калыбына келтирүүгө кеткен чыгымдардын жалпы масштабы бир кыйла көп.

**Кырсык башына түшкөндөрдүн бардыгына кыйратуучу таасир тийгизет, биринчи кезекте аларга балдар кирет.**

Жаш өзгөчөлүгүнө байланыштуу алар мүмкүнчүлүгүнө жараша өзгөчө кырдаалдан сактай турган аракеттерди көрүүгө тийиштүү турмуш тажрыйбасына ээ эмес, балдардын дайыма эле керектүү билими же билгичтиги жок болот. Кырсык статистикасы көрсөткөндөй, чоңдорго караганда балдар көбүрөөк катастрофалардын кесепетинен өлүмгө дуушар же майып болушат, үй-бүлөсүнөн ажырап, үйсүз калышат, аларга тийиштүү көңүл бурулбайт, мектепте окуу мүмкүнчүлүгү жоголот, ошондой эле психосоциалдык бузулууларга кабылышат.

Кырсык учурунда балдар айланасында болуп жаткан окуяларга жана жагдайларга ар түрдүүчө мамиле кылат. Бирөөлөрү эмне кылаарын билбей, кээде үмүтүн үзүп, дүрбөлөңгө түшүп кабыл алса, башкалары - окутулгандар жана даярдалгандар өздөрү сабырдуу, болуп, өз күчүнө ишенип, окуянын жакшы аякташына үмүттөнүшөт. Кырсыкты болуп, албетте, ага алдын ала даярдалган, бул жагдайда кандай аракет кылууну билген жана стандарттык эмес шартта туура чечим чыгарган адам гана чочубастан кабыл алат.

Чоңдор жана балдар болушу мүмкүн кырсыктын келип чыгуу себебин жана мүнөзүн билгени, коопсуздук чараларын жана кырсык тобокелин азайтуу боюнча аракеттерди алдын ала көрө алганы зарыл. Бул аларга кырсыктардын кээ бир көрүнүшүн жок кылууга же алардын кыйратуу күчүн азайтууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Кырсык тобокелин азайтуу боюнча алдын ала көргөн аракеттер айрыкча балдар көп топтолгон жерлерде, өзгөчө мектептерде, өзгөчө кырдаалдар жаралган учурда адамды жана материалдык жоготууларды жокко чыгарууга жана аларды бир кыйла азайтууга, алардын тийгизген залакаларын жоюуга эффективдүү мүмкүнчүлүк берээри көп жолу далилденген.

# I. БӨЛҮМ:
# МЕКТЕПТЕ КЫРСЫК ТОБОКЕЛИН АЗАЙТУУ ЖАНА ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ УЮШТУРУУ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ

## 1. МЕКТЕПТЕ КЫРСЫК ТОБОКЕЛИН АЗАЙТУУ ЖАНА ЖАРАНДЫК КОРГОНУУНУ УЮШТУРУУНУН НЕГИЗДЕРИ

Кыргызстанда кырсык тобокелин азайтуу, калктын жана аймактардын өзгөчө кырдаалдардан коргоо боюнча бардык чаралар уюштуруу-укуктук жагынан Жарандык коргонуу Мамлекеттик системасынын чегинде, ченемдик-укуктар акттарын, ошондой эле кырсык тобокелин азайтуу маселелерин, Жарандык коргонуу, балдардын укуктарын камсыз кылуу маселелерин регламентация кылган эл аралык укуктук документтерди колдонмо кылуу менен ишке ашырылат.

Жалпы билим берүүчү мекемелериндеги КТА жана ЖК маселелерин регламентация кылган негизги ЧУА Кыргыз Республикасынын Конституциясы, «Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси» КР токтому (2012-ж.), Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары, «Жарандык коргонуу жөнүндө» (2009-ж.), «Билим берүү жөнүндө» (2003-ж.), «Өрт коопсуздугу жөнүндө» (2016-ж.), «Кыргыз Республикасынын өзгөчө кырдаалдардын классификациясы жана алардын талдоо чен-өлчөмдөрү» (2011-ж.) КР токтому жана башкалар болуп саналат.

Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча Колдонмо *(мындан ары - Колдонмо)* жалпы билим берүүчү мекемелер үчүн иштеп чыгарылган жана арналган, аларга КР «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык жалпы билим берүүчү мектептер, окуу-тарбиялоочу комплекстер, автордук окуу-тарбиялоочу комплекстер, мектеп-гимназиялары, мектеп-лицейлери, мектеп-комплекстери, атайын мектептер *(интернаттар),* жалпы билим берүүчү санаторийлик мектептер, көмөкчү мектептер, кечки мектептер *(кечки жана сменалык),* сырттан жалпы билим берүүчү мектептер, эксперименталдык аянтчасы бар мектептер, жеке мектептер жана башкалар кирет.

2015-жылы Кыргызстанда 2 218 жалпы билим берүү мекемелери саналат, анда 1 043 629 бала окуйт, анын ичинен 515 064 кыздар, ошондой эле 72 928 миң чоң кишилер – мугалимдер эмгектенет, анын ичинен 60 861 аялдар жана тейлөө кызматкерлери.[1]

Уюштуруу-укуктук жагынан ар бир жалпы билим берүүчү мекеме *(мындан ары - мектеп*), ведомстволук тиешелүүлүгүнө жана менчик түрүнө карабастан, тишелүү укуктарга, функцияларга, ыйгарым укуктарга жана милдеттерге ээ болгон, аныкталган аймагы, имараты, курулуштары, жабдуулары, ошондой эле ар кандай мүлкү бар өз алдынча мекеме статусуна ээ.

**Мектеп, бир мезгилде эле балдар менен чоңдордун көп болгондугуна байланыштуу, көп учурда өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу деңгээли жогору болгон коомдук турмуштун социалдык маанилүү борбору болуп эсептелет, бул мектептерде кырсык тобокелин азайтуу иш-чараларын, мүмкүн болуучу өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты жогорулатуу боюнча милдеттүү түрдө практикалык иш-аракеттерди өткөрүүнүн зарылдыгын аныктайт.**

[1] Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитети. Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери. Гендердик-бөлүү топтому, 2015-ж.

КР «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзамынын талаптарына ылайык мектептерге кирген бардык мекемелер өзгөчө кырдаалдардын жаралуу коркунучу жогору экенин көрсөтөт.

Мектеп башчылары Жарандык коргонуу чөйрөсүндө төмөнкүлөрдү уюштурууга жана өткөрүүгө милдеттүү:

• *Жарандык коргонуу боюнча комиссия түзүү жана анын ишмердүүлүгүн координациялоо;*
• *Билимди жогорулатуу жана жайылтуу, калктын жана балдардын арасында коргонуунун жөнөкөй ыкмаларын өздөштүрүү, мектеп жамаатына, калкка Жарандык коргонуу жана кырсык тобокелин азайтуу маселелеринде колдон келген жардамды көрсөтүү үчүн Жарандык коргонуу коомдук мектеп түзүмдөрүн, жаш куткаруучулардын, өрт өчүрүүчүлөрдүн отряддарын түзүү; ,*
• *кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана мектептин Жарандык коргонуу планын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;*
• *КР ӨКМ өкүлдөрүнүн жардамы менен, ӨК учурунда же коркунучунда кырсык тобокелин азайтуу боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;*
• *Мектепке туулган коркунучту жана анын талуулугун баалоо, коркунучтарды картага түшүрүү ж.б.;*
• *мектеп кызматчыларын жана окуучуларды өзгөчө кырдаалдар жаралган учурда өзүн алып жүрүү эрежелерине жана коргонуу ыкмаларына окутууну ишке ашыруу;*
• *өрт өчүрүү, эрте кабарландыруу, маалымдоо, биринчи жардам көрсөтүү сыяктуу көрүнүштөргө колдонулуучу куралдарды дайындап, сактап, даярдыкта кармап туруу;*
• *балдар ӨК учурунда колдонуу үчүн окуу материалдардын, кеңсе буюмдардын жана спорт шаймандардын минималдуу көрөңгөсүн түзүү;*
• *мектептин аймагында же ага жакын жерде өзгөчө кырдаалдын пайда болуу коркунучу жаралганда же жаралышы мүмкүн болгондо балдарды, мектеп кызматчыларын, жергиликтүү мамлекеттик башкармалыкты, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын жана ата-энелерди ошол замат маалымдандыруу;*
• *Мектептин аймагында болгон ӨК кесепеттерин жоюу боюнча балдарды кооптуу жерлерден эвакуациялоо, жардамга муктаж болгондорго биринчи жардам көрсөтүү, Жарандык коргонуу күчтөрүнө кырсыктан куткаруу жана башка шашылыш иштерде, ошондой эле билим берүү процессин калыбына келтирүүдө колдон келген жардамды көрсөтүү аракеттерин көрүү.*

***Билүү зарыл:*** *Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча чаралар Жарандык коргонуу тармагындагы негизги жана эң маанилүү чаралардын түзүм бөлүгү, алар мектепте алдын ала аткарылышы керек.*

## 2. КОЛДОНМОНУ ТҮЗҮҮ МАКСАТЫ

Колдонмо мектеп администрациясына, ошондой эле кызыктар болгон жактарга, анын ичинде жашы жетпеген балдардын ата-энелерине (*мыйзамдуу өкүлдөрүнө*) кырсык тобокелин азайтуу үчүн аракеттерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча методикалык жардам көрсөтүү максатында иштелип чыкты.

**Колдонмодо мектептердеги кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча мектеп администрациясына уруксаат берүүчү негизги аракеттердин практикалык кадамдары көрсөтүлөт:**

- **Жарандык коргонуу системасын түзүү;**
- **артыкчылыктарды таап аныктоого;**
- **жаратылыш жана техногендик коркунучтар менен байланышкан аярлуулуктун жана тобокелдердин деңгээлин азайтууга жардам берүүчү иш-чараларды пландаштыруу жана ишке ашыруу;**
- **ӨК жана жагымсыз кесепеттерди жоюу боюнча аракеттерди таасирлүү ишке ашыруу;**
- **болушу мүмкүн ӨКга болгон даярдыкты жогорулатуу жана ӨКдан качуу, балдардын жана кызматчылардын арасында мүмкүн боло турган адам өлүмүн кыйла төмөндөтүү;**
- **материалдык жоготууларды азайтуу.**

## 3. КЫРСЫК ТОБОКЕЛИН АЗАЙТУУ ЖАНА ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ БОЮНЧА НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР [2]

**Өзгөчө кырдаал** – бул Кыргыз Республикасынын белгиленген бир аймагында калктын өлүмүнө, анын жашоосун бузууга алып келген же аларды алып келүүгө себеп болгон, адамдардын ден соолугуна же айлана-чөйрөгө зыян келтирген, материалдык жоготууларга учураткан же учуратууга мүмкүндүгү бар кооптуу табигый же техногендик кубулуштардын, кыйроолордун, катастрофалардын, табигый жана башка кырсыктардын, заманбап каражаттардын таасиринен келип чыккан бузулуштардын натыйжасында түзүлгөн жагдай.

**Жарандык коргонуу –** Кыргыз Республикасынын калкын жана аймагын өзгөчө кырдаалдардан коргоосун камсыз кылган жалпы мамлекеттик жана коргонуу системасынын составдык бөлүгү.

Кырсык тобокелин азайтуу – кырсыкка себеп болгон факторлорду көзөмөлдөө жана ага анализ жүргүзүүгө багытталган, анын ичинде коркунучка кабылууну төмөндөтүү, калктын жана мүлктүн аярлуулугун азайтуу, табигый байлыктарды туура колдонуу жана өзгөчө кырдаалдарга болгон даярдыкты жогорулатуу аркылуу талдоого жана көзөмөлдөөгө багытталган дайым жүргүзүлүүчү жол менен кырсык тобокелин кыскартуу боюнча концепция жана практикалык иштер.

**Кырсык тобокели –** кырсык кесепеттеринин келип чыгышы күтүлгөн адам жоготуулары, материалдык, экономикалык, экологиялык зыяндыктар.

**Кырсык –** коомчулуктун же коомдун күрөшүүгө өз күчү жетпеген, жергиликтүү коомчулуктун жана коомдун жашоосун бузган, калк арасындагы өлүмгө себепкер, ошондой эле кыйла материалдык, экономикалык же экологиялык зыян жана залака тийгизген окуя.

[2] Булак: терминдер Глоссарии UNSDR - 2009-ж. жана КР «Жарандык коргонуу жөнүндө» 2009-ж. 20.07. № 239 Мыйзамы

**Опуза/коркунуч -** бул адамдардын өлүмүнө же жаракаттарга чалдыктырган, мүлккө зыян келтирүүчү, социалдык же экономикалык туруксуздукка же курчап турган чөйрөнүн бузулушуна алып келүүчү, потенциалдуу түрдө залал келтирүүчү физикалык кубулуш (же жер титирөө, суу ташкын, көчкү же техногендик авария). Башкача айтканда, опузада/коркунучта социалдык-экономикалык зыянга алып келүүчү коoптуу окуянын болуу ыктымалы камтылган.

**Аярлуулук -** бул коомчулуктун *(балдардын)* тобокелдикке болгон таасирин жогорулаткан физикалык, социалдык, экономикалык жана экологиялык факторлордон келип чыккан шарттардын жана процесстердин комплекси. Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу контекстинде аярлуулук жалпысынан тынч абалда болбойт, ал айкын коркунучтарга байланыштуу аныкталат.

**Адамдардын (балдардын) аярлуулугун** кыскача мындай түшүндүрсө болот, адамдын (балдардын) же коомчулуктун коркунучту алдын ала көрүү, аны жеңүү, каршылык көрсөтүү жана аталган коркунучтун тийгизген таасиринен кийин кайра калыбына келтирүү үчүн аракеттерди жүргүзүүгө физикалык, социалдык жана экономикалык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугу. Аярлуулук коркунучка кабылууга көз каранды (мисалы, жер титирөө, кургакчылык жана башка коркунучтары бар жерде жашоо же эмгектенүү). Бул түшүнүк коркунучтарга каршы туруу, алар менен күрөшүү жана алардан кийин кайра калыбына келтирүү кыйынчылыктарын көрсөтүп турат.

**Структуралык жана физикалык аярлуулук** – бул коркунучтуу окуянын кесепетинен структуранын (имараттар, курулуштар, коммуникациялар) же тейлөө кызматтын (билим берүү процесси) бузулуп калуу, керектен чыгуу же иштебей калуусу ыктымал деңгээли. Мисалы, эгерде анын конструкциясында 6 жана андан жогору баллдагы жер силкинүүсүнө туруштук бере турган элементтер жок болсо, мектеп имараты жер титирөөгө аярлуу болуп эсептелет.

**Структуралык эмес аярлуулук –** бул коомдун жана жарандардын (балдардын) айрым бир бөлүгүндө билим жана тажрыйба, турмуш коопсуздук маданияты, өз ден соолугуна жана өмүрүнө өзү жоопкер экендигин аң-сезимдүү түшүнүү, ошондой эле туугандарынын, жакындарынын, аны курчаган адамдардын өмүрүнө да жоопкер экенин аң-сезимдүү түшүнүү түшүнүгү жок болгондук, ошондой эле материалдык жана маданий баалуулуктардын сакталышы – булар кырсыктарга болгон аярлуулук деңгээлинин өсүп кетишинин негизги себептеринин бири болуп эсептелет.

**Маданий коопсуздук –** бул жеке жана социалдык баалуулуктар түзүлүшүндөгү турмуш коопсуздугун камсыздоо маселесинин маанилүү экендиги**,** социалдык жана жеке баалуулуктар тармагында турмуш-тиричилик (мектептерде болгон убакытта) коопсуздугун камсыз кылуу, күнүмдүк жашоодо жана өзгөчө кырдаал учурунда өзүн алып жүрүү стереотиптеринин таркалышы, жашоонун бардык тармактарындагы коркунучтардан коргонуу даражасы менен мүнөздөлүүчү адамдын (балдардын) жана коомдун өнүгүү деңгээли.

***Билүү зарыл:*** *«мектеп» деген сөздү жазууда өзгөчө кырдаал болуу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли жогору, узакка чейин балдар жана чоңдор окуп жана эмгектенген, ыкчам башкаруу имараты, курулушу, белгиленген аймактары, жабдыктары, ошондой эле башка маанидеги мүлктөрү бар уюм түшүндүрүлөт.*

## 4. МЕКТЕПТЕГИ КЫРСЫК ТОБОКЕЛДЕРИН АЗАЙТУУ БОЮНЧА НЕГИЗГИ КАДАМДАР

**Бул бөлүмдө биз мектептердеги кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча негизги кадамдарга өтөбүз, алардын ишке ашырылуусу мекемелердин Жарандык коргонуу системасын түзүүгө, коркунучтарды жана аярлуулукту табууга, кырсыктардын тобокелдигин табууга, артыкчылыктарды аныктоого, кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча практикалык чараларды пландаштырууга жана ишке ашырууга, болушу мүмкүн өзгөчө кырдаалдарга мектептин даярдыгын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.**

Мектептин аярлуулугунун жана коркунучтарынын баалоону, талдоону өткөрүүдө, Жарандык коргонуу жана кырсык тобокелин азайтуу боюнча чараларды пландаштырууда жана ишке ашырууда биринчи ирет **өз потенциалына, ресурстарына жана мектеп кызматчыларынын жана окуучуларынын күчтөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө таянуу керек.**

Мектеп башкармалыктарына балдарды коргоо, билим берүү, кырсык тобокелдигин азайтуу жана Жарандык коргонуу чөйрөсүндө эмгектенген тийиштүү эл аралык жана бейөкмөт уюмдар менен кызматташуу жана бирге аракеттенүү сунушталат, БУУнун Балдар Фонду, БУУнун өнүгүү программасы, Бүткүл Дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму, БУУнун Бүткүл Дүйнөлүк азык-түлүк программасы, Эл Аралык Кызыл Жарым Ай Коомчулугу, Балдарды сактагыла жана башка ушулар сыяктуу. Балдардын жана мектеп кызматчыларынын саламаттыгы жана өмүрү үчүн жогорку жоопкерчиликти эске алуу менен, мектеп администрациясы кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды туруктуу, пландуу жана тутумдук негизде уюштуруусу жана өткөрүүсү керек.

**Кырсык тобокелин азайтуу боюнча мектептин негизги документтери:**

**А. Буйруктар:**
• *Мүдүрдүн - мектептин ЖК жетекчисинин «Мектептин Жарандык коргонуу башкаруу органдарын түзүү жөнүндө» буйругу, анда мектептин ЖК жетекчисинин орун басарларын дайындоо, анын түзүлүшүн, түзүмүн, негизги милдеттерин, функцияларын, ыйгарым укуктарын аныктоо менен мектептин Жарандык коргонуу боюнча Комиссиясын түзүү каралат;*
• *“Жаш куткаруучу” отрядынын жобосу, “Жаш куткаруучу” уюмунун Уставы жана Планынын негизинде мүдүрдүн ”Жаш куткаруучу” отрядын түзүү жөнүндө» буйругу.*

**Б. Пландар:**
• *Мектептин КТА боюнча Иш-чара планы;*
• *Мектептин Жарандык коргонуу планы;*
• *«Жарандык коргонуу күнүнө» даярдык көрүү жана өткөрүү планы;*
• *«Жаш куткаруучу» отрядынын Иш-чара планы.*

**В. Иш кагаздары жана маалымат материалдары:**
• *Мектептин эрте кабарландыруу план-схемасы;*
• *Мектепти эвакуациялоо план-схемасы;*
• *Мектептин коопсуздук Паспорту;*
• *Мектеп үчүн негизги коркунучтарды талдоонун натыйжаларынын таблицасы;*
• *Мектептин аярлуулугун аныктоонун натыйжаларынын таблицасы;*
• *Мектеп үчүн кырсык тобокелин баалоонун натыйжаларынын таблицасы;*
• *Мектеп үчүн кырсык тобокелин баалоонун план-схемасы.*

***Эскертүү:*** *Мектепте кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды уюштурууу жана өткөрүүнүн түзүлүш схемасынын үлгүсү Тиркеме 1де сунушталган.*

**1-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу боюнча комиссиясын түзүү**

Мектептердеги Жарандык коргонуу тармагындагы ЧУА ылайык, ведомстволук тиешелүүлүгүнө жана менчик түрүнө карабастан, **мектептин Жарандык коргонуу Комиссиясын** түзүү талап кылынат.

**Мектептин Жарандык коргонуу Комиссиясы** кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргону боюнча иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү боюнча мектептин башкаруу органы болуп саналат.

Мектептин Жарандык коргонуу комиссиясынын төрагасы - мектеп жетекчиси (мүдүрү)- Жарандык коргонуунун жетекчиси болуп саналат. Мектептин ЖКК төрагасынын орун басары болуп мектеп мүдүрүнүн орун басарларынын бири дайындалат.

Жарандык коргонуу Комиссия мүчөлөрүнүн тутумуна милдеттүү түрдө мугалимдерден, тейлөө кызматчыларынан, ошондой эле жогорку класстардын активдүү окуучуларынан жана ата-энелер Комитетинин өкүлдөрүнөн киргизүү зарыл.

***Билүү зарыл:*** *Жарандык коргонуунун негизги принциби – мектептердеги КТА жана ЖК боюнча иш-чаралар мектептин мүнөзүн, андагы болгон коркунучтарды, ӨК жаралуу коркунучунун деңгээлин жана аярлуулугун эске алуу менен пландаштырылып, ошондой эле балдардын жана мектеп кызматчыларынын коопсуздугун камсыздоого керектүү жетишкендик принцибинин негизинде ишке ашырылышы керек.*

***Эскертүү:*** *Мектептин Жарандык коргонуу комиссиясынын милдетинин, негизги функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын үлгүсү Тиркеме 2де сунушталган.*
*Тиркеме 3. «Жаш куткаруучу» отрядынын Жобосу.*
*Тиркеме 4. «Жаш куткаруучу» ыктыярдуу отрядынын Уставы.*

**2-кадам: Маалымат топтоо жана мектептин коопсуздук Паспортун иштеп чыгуу**

Мектептин Жарандык коргонуу боюнча Комиссиясы, ишке киришүүдөн мурун маалымдама маалыматтарды чогултууну уюштуруусу зарыл, ошондой эле мектептин коопсуздук Паспортун иштеп чыгуусу керек (МКП). Бул аныкталган жетишсиздикти жоюу боюнча чара көрүү үчүн мектепти кыйроодон же ӨКдан мектеп коопсуздугун камсыздоо менен маселенин абалын аныктоого, баалоого, бүтүм чыгарууга мүмкүнчүлүк берүүчү маалыматы бар, мектеп жөнүндө жалпы маалымат жана атайын маалыматты камтыган документ.

Мисалы, мектептин коопсуздук Паспортунда жалпы маалымат камтылышы керек – *мекеменин аты, менчик түрү, жайгашкан жеринин дареги, байланыш телефондору, окуучулардын жана кызматчылардын саны ж.б.,* ошондой эле атайын маалымат – *имараттар, курулуштар, өрттүк кабарлама, байланыш жана кабарландыруу системасы, эвакуациялоого каралган кирүүлөрү жана чыгуулар, Жарандык коргонуу планы ж.б.*

*МКПда ошондой эле керектүү маалымдама маалымат тиркемеси менен, мектепке болгон коркунучтар жана аярлуулуктар жөнүндө маалымат киргизилиши керек, мектептин кырсыктарга (коркунучтарга жана аярлуулукка) тобокелдигин талдоо боюнча план-схемасы менен бирге, ал ЖК боюнча Комиссия тарабынан коркунучтарга жана аярлуулукка талдоо жүргүзүү иш-чараларын өткөргөндөн кийин гана мүмкүн болот.*

***Эскертүү:*** *Мектептин коопсуздук Паспортунун үлгүсү Тиркеме 5те*

**3-кадам: Мектеп үчүн негизги коркунучтарды аныктоо**

Бул этапта мектептин ЖК боюнча Комиссиясы мектептерге чыныгы коркунучтарды туудуруучу табигый, техногендик, экологиялык, биология-социалдык мүнөздөгү коркунучтардын пайда болуу себебин аныктоосу зарыл.

Мектепке болгон негизги коркунучтарды аныктоодо мектептин ЖК Комиссиясы милдеттүү түрдө, мектеп жайгашкан райондогу болгон коркунучтарды толук аныктоо үчүн, түрдүү табигый жана техногендик коркунучтар тууралуу керектүү мааалыматты берген, КР ӨКМнин аймактык түзүм бөлүктөрүнүн өкүлдөрү менен кеңешүүсү зарыл.

Коркунучтардын идентификациялоосу так жана толук болушу керек, башкача айтканда мектептин аймагындагы болушу мүмкүн кырсыктардын бардыгын аныктоо керек.

ЖК Комиссиясынын мүчөлөрү КР ӨКМнин өкүлдөрү берген маалыматтын, дагы өз билим жана тажрыйбаларынын негизинде, **«өткөн кырсыктар»** ыкмасын колдонуу менен мектепке болгон негизги коркунучтарды/опузаларды аныктай алат.

Коркунучтарды талдоо жана картага түшүрүү, өлкөнүн аймагындагы кырсыктар жөнүндө тарыхый маалыматтарга байланыштуу негизги маалымат КР ӨКМи басып чыгарган «Кыргыз Республикасынын аймагындагы коркунучтуу процесстердин жана кубулуштардын болуу мүмкүнчүлүгүн активдештирүү боюнча чара көрүүгө мониторинг, болжолдоо жана даярдык» китебинде камтылган, ошондой эле КР ӨКМнин веб-сайтына жана КР КТА боюнча Улуттук Платформасынын сайттарынан кирип алууга болот.[3]

Өткөн коркунучтуу окуяларды талдоо жана алар болуп өткөн убакыты жана жеринде өтүшүн, булактарын жана келип чыгуу шарттарын, кесепеттерин, окуяга чейин жана окуядан кийин көрүлгөн аракеттерди, ошондой эле окуядан кийин алынган сабактарды жана тыянакты баяндоо төмөнкүгө мүмкүндүк берет:

а) тез-тез болуп турган кырсыктарга мүнөздөмө берүү;
б) табигый процесстердин кайталанышын/канчалык тез болоорун аныктоо.

Мектепке болгон негизги кырсыктардын коркунучун аныктоо натыйжаларын көрсөтүү үчүн *«Мектептерге болгон негизги коркунучтарды аныктоонун натыйжаларынын таблицасын»* түзүү керек.

***Эскертүү:*** *Мектеп үчүн болгон негизги коркунучтарды аныктоонун натыйжаларынын таблицасынын үлгүсү Тиркеме 6да.*

**4-кадам: Мектептин негизги коркунучтарга аярлуулугун аныктоо**

ЖК Комиссиясы мектептер үчүн негизги кырсыктарды аныктоо боюнча иштерди өткөргөндөн кийин, мектептин аныкталган коркунучтарга аярлуулугун аныктоосу керек.

Негизги көңүл балдардын жана чоңдордун, мектепке тийиштүү жана аларга «коркунуч туудуруп жаткан», имараттардын, аймактардын, курулуштардын, жабдыктардын жана башка билим берүү, керектөөчү, социалдык, маданий ж.б. багыттагы мүлктүн аярлуулугун аныктоого бурулушу керек.

[3] http://mes.kg/upload/kniga_2015/book_rus000.html

Бирок коркунучтуу тилкеде болуу кайсы бир физикалык жак же объект автоматтык түрдө **«аярлуу»** болот дегенди билдирбейт. **Аярлуулук** физикалык, социалдык, экономикалык жана экологиялык белгилерден, ошондой эле балдардын жана мектеп кызматчыларынын кандайдыр бир коркунучтан/опузадан качып кетүү же ага каршы аракет көрсөтүү, андан кийин калыбына келүү үчүн белгиленген мүмкүнчүлүктөрдүн бар же жоктугуна көз каранды.

Талдоо жүргүзүүдө аярлуулук айкын коркунучка байланыштуу аныкталат жана аярлуу топтордун «өзгөчө белгисин» билдирбейт. Аярлуулукту баалоону жүргүзүүдө эмне үчүн мектептин аталган имараттары же аймагы, окуучулары жана кызматчылары конкреттүү коркунучтун алдында аярлуу болоорун аныктоо керек.

Мектептин **аярлуулугун** аныктоо кандайдыр бир тиги же бу кырсык таасиринин натыйжасынан мектепке тийген кесепеттерди жана зыянды болжолдоого мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан аярлуулукту аныктагандан кийин кырсык натыйжасынан болушу мүмкүн зыянды аныктоо боюнча ишти баштоо керек. Ал үчүн **«өткөн кырсыктар»** ыкмасын колдонсо болот **-** мындай көрүнүштөр дагы кайталануу божомолун эске алуу менен, мурун болуп өткөн кырсыктарды баяндап жазуу («мектептин кырсык тарыхынан» алынган маалыматтар) жана **«болушу мүмкүн кырсыктардын сценарийин түзүү»** ыкмасын – анын пайда болуу шарттарынын түптөлүшүнөн тартып тийгизген кесепеттери менен аяктаган кырсык менен байланышкан, топтолгон маалыматтардын жана билимдердин негизинде биргеликте кырсыктын өнүгүүсүн баяндап жазуу аракети. Ошондой эле КР ӨКМ менен бекитилген кыйроону баалоо боюнча усулдук колдонмону пайдалануу да зарыл. (2014-ж.)

**“Аярлуулукту”** аныктоодо – ***«аталган коркунуч кимге жана эмнеге кандайча кесепетин тийгизет (эң жогорку деңгээлде)?*** *- деген суроого жооп табуу зарыл.*

**Балдардын коркунучка болгон аярлуулугун аныктоого** өзгөчө көңүл буруу талап кылынат.

Коркунуч тилкелерине жакын жайгашуу, балдар убакытынын көпчүлүгүн өткөрүүчү, мектеп имаратынын, спорт комплекстеринин, китепканаларынын ж.б. физикалык жана фукционалдык туруктуулугунун деңгээлинин төмөндүгү, коркунучка болгон аярлуулукту күчөтүшү мүмкүн. Мисалы, көпчүлүк мектеп имараттары мүмкүн боло турган коркунучтарга туруштук бере албай тургандай болуп курулган, а билим берүүгө кеткен чыгымдар, албетте, техникалык тейлөөдө көйгөйлөрдү жаратат. Аярлуулук фактору ошондой эле эвакуациялоо планынын жоктугун жана окуучулардай эле мугалимдердин да кырсык тобокели тууралуу билиминин жетиштүү эместигин камтышы мүмкүн. Мектеп имаратынын кулашы же өрттөнүшү коомчулук үчүн эң чоң коркунучту туудурат. Ушуга байланыштуу ЖК боюнча комиссия ЮНИСЕФтин [4] колдоосу менен иштелип чыккан «КР мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин коопсуздугу» маалымат түзүлүшүндө киргизилген маалыматтарды колдонбостон гана эмес, аны кеңейтүү жана тактоо ишмердүүлүгүнө да катышуусу керек.

Мектептин негизги кырсыктарга аярлуулугун аныктоонун натыйжаларын көрсөтүү үчүн *«Мектептин негизги кырсыктарга аярлуулугун аныктоонун натыйжаларынын таблицасын»* иштеп чыгуу сунушталат.

***Эскертүү:*** *Мектептин негизги коркунучтарга аярлуулугун аныктоонун натыйжаларынын Таблицасынын үлгүсү Тиркеме 7де.*

[4] http://schooldb.caiag.kg

**5-кадам: Мектептин кырсык тобокелин талдоо жана баалоо**

Алдын ала, мектепин ЖК боюнча комиссиясы тарабынан мектептин кырсык тобокелин талдоо жана баалоо боюнча иш жүргүзүлгөн, атап айтканда:

3-кадамда мектеп үчүн негизги коркунучтар аныкталган;

4-кадамда Мектептин негизги коркунучтарга болгон аярлуулугу аныкталган.

Ошентип, жөнөкөй **«Тобокелдик = Коркунуч x Аярлуулук»** формуласын колдонуп, биз алынган маалыматтардын негизинде **мектепке болгон кырсыктардын тобокелдигин** аныктайбыз жана баалайбыз, тагыраак айтканда, ӨК жаралган учурда баары кошулуп адам өлүмүнө алып келген, ошондой эле аймакка, имараттарга, курулуштарга, жабдыктарга, мектеп мүлкүнө зыян келтирүүчү потенциалдуу коркунучтарды жана бар болгон аярлуулукту аныктоонун жардамы аркылуу кырсыктын табиятын жана масштабын аныктайбыз.

Мектеп үчүн мүмкун болуучу кырсык тобокелин көрсөтүү үчүн «*Мектепке болгон негизги кырсыктардын тобокелдигин аныктоонун натыйжаларынын таблицасын*» иштеп чыгуу сунушталат, ал үчүн мурда иштелип чыккан эки таблицаны: «*Мектепке болгон коркунучтарды аныктоонун натыйжаларынын таблицасын*» жана «*Мектептин негизги коркунучтарга аярлуулугун аныктоонун натыйжаларынын таблицасын*» бириктирүү зарыл.

Андан ары, **кырсык тобокелинин матрицасында** кырсык тобокелинин деңгээлин чагылдыруу керек, аны иштеп чыгууда, «*Мектеп үчүн кырсык тобокелин аныктоонун натыйжаларынын таблицасы»* колдонулат.

Тобокелдик матрицасы кырсыктардын кайсы тобокелдери жогору болушун жана ал тобокелдиктерди азайтуу боюнча чараларды көрүү артыкчылыктарын аныктоого жардам берет. Тобокелдиктин матрицасында кырсыктардын деңгээлин белгилөө үчүн сандар гана эмес, түстөр да колдонулат: кызыл кырсыктын жогору деңгээлин, а жашыл - кырсыктын төмөн деңгээлин көрсөтөт.

***Эскертүү:*** *Кырсык тобокелин аныктоонун натыйжаларынын таблицасынын жана Мектеп үчүн кырсык тобокелинин Матрицасынын үлгүлөрү Тиркеме 8де.*

Андан ары, мектепке болгон коркунучтарга аярлуулукту жана негизги коркунучтарды, а бириккенде кырсык тобокелин, айкын көрсөтүү үчүн милдеттүү түрдө *Мектеп үчүн болгон кырсык тобокелинин План-схемасын* түзүү зарыл.

План-схеманы өз күчү менен түстүү калем/фломастер/маркерлер менен ватман кагазга түшүрүүгө/сүрөтүн тартууга, мүмкүн болсо мектеп үчүн коркунуч туудурган объекттердин сүрөтүн да кошсо болот, бул анын айкындык даражасын кыйла жакшыртат.

***Эскертүү:*** *Мектеп үчүн болгон кырсык тобокелинин План-схемасынын үлгүсү Тиркеме 9да.*

Натыйжада, *«Мектеп үчүн болгон кырсыктардын тобокелдигин аныктоонун натыйжаларынын жана кырсыктардын тобокелдик Матрицасы таблицасында»* жана *«Мектеп үчүн болгон кырсыктардын тобокелдигин аныктоо План-схемасында»* камтылган маалымат мектепке болгон кырсык тобокелин талдоого жана анын негизинде мектепте КТА боюнча иш-чараларды пландаштырууга мүмкүнчүлүк берет.

**6-кадам: Мектептин кырсык тобокелин азайтуу боюнча Иш-чара планын иштеп чыгуу**

Мындан мурун ЖКК жумушчу тобу тарабынан, коркунуч жана аярлуулукту аныктоонун жыйынтыгына негизделген, мектеп үчүн кырсык тобокелин талдоо жана баалоо боюнча иш жасалган.

Мындан ары кырсык тобокелин азайтуу боюнча иш-чараларын пландаштыруу, тактап айтканда мектептин КТА боюнча иш-чаралар Планын түзүү зарыл.

***Өтө маанилүү**: мектеп администрациясы аталган ишти маалымдоо, кеңири талкуулоо жана окуучулар, мектеп кызматчылары менен диалог жүргүзүү, зарыл болсо башка кызыктар тараптардын, тиешелүү жергиликтүү мамлекеттик уюмдарынын, аймактык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органынын (мектептин жайгашкан жерине ылайык), жергиликтүү коомчулук өкүлдөрүнүн, ата-энелердин, эл аралык жана бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүү керек. Бардык кызыктар тараптардын кеңири катышуусусуз мектеп башкармалыгы (потенциал, материалдык жана акча каражатынын чектелгендигине байланыштуу) мектептеги кырсык тобокелин азайтуу боюнча бардык милдеттерди аткара албайт.*

Мектептин КТА боюнча иш-чара планы милдеттүү түрдө, мекептин аярлуу, мектеп үчүн коркунуч туудурган, а мектептин өзү алардын алдында аярлуу кырсык тобокелин азайтуу боюнча бардык аракеттерди камтуусу керек.

Мектеп администрациясы, ЖКК жана кызыктар тараптар мектептин КТА боюнча иш-чара Планын түзүүнү төмөндөкүдөн баштоосу керек:

• *Айрым кырсыктар, мектеп үчүн коркунуч туудурганына жана мектеп алардан аярлуу болгондугуна карабастан, алардын пайда болуу булагы, потенциалдуу-кооптуу объектилердин жана чектердин жайгашуусу, эреже болуп калгандай, мектеп аймагынан тышкары болот. Алар тиешелүү борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик уюмдарынын, аймактык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын же мекемелердин карамагында (балансында) болушу мүмкүн.*

• *КТА боюнча өзүнчө иш-чаралар, мисалы, мектептин кырсык-кооптуу курулуштарынын сейсмикалык туруктуулугун камсыздоо боюнча, бузуу, күчөтүү, реконструкциялоо, капиталдык ремонт жасоо мектеп курулуштарынын кырсыктык-кооптуу сейсмикалык туруктуулугун камсыз кылуу – борбордук жана жергиликтүү мамлекеттик уюмдарынын, аймактык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын компетенциясына кирет, бул айрым программалардын жана долбоорлордун, пландардын чегинде капиталдык курулуш багытынын атайын курулуш-монтаж жумуштарынын аткарылышын талап кылат.*

Ошондуктан, мектептин КТА боюнча иш-чара Планын иштеп чыгууда милдеттүү түрдө кырсык тобокелин азайтуу боюнча чаралардын бардык комплексин алдын ала караштыруу керек, КТА боюнча өзүнчө иш-чараны ишке ашыруу мектептин коопсуздугун камсыздоо кызыкчылыгында болуп, бирок алар мектептин ыйгарым укуктарынын чегинен чыкса, анда аларды өзүнчө жазуу керек. Аталган КТА боюнча иш-чара планы кыска мөөнөттө *(1 жыл)* жана орто мөөнөттө *(3-5 жыл)* жана узак мөөнөттө ишке аша турган иш-чараларды камтышы мүмкүн.

***Эскертүү:** Мектептин кырсык тобокелин азайтуу боюнча Планынын үлгүсү Тиркеме 10до.*

**7-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу Планын иштеп чыгуу**

Биз жогоруда белгилеп кеткендей, КР «Жарандык коргонуу жөнүндө» Мыйзам талаптарына ылайык, түздөн-түз мектептер да кирген, бардык уюмдар мектептин Жарандык коргонуу Планын түзүүгө жана ишке ашырууга милдеттүү.

Жогорудагы биз карап өткөн 6-кадамдагы КТА боюнча иш-чаралар Планы мектепте иштелип чыгат жана ишке ашырылат, ал ЖК пландарынын бири болуп саналат, пландын өзгөчөлүгү КТА боюнча иш-чараларын күн мурунтан, өзгөчө кырдаалдын пайда болушуна чейин ишке ашырууга багытталгандыгында.

Мындан ары мектептин ЖК Планын (мурун иштелип чыкпаган жерде) түзүүгө киришүү зарыл, ал жыл сайын өткөрүлүүчү тактоолорду, түзөтүүлөрдү киргизүүсү менен дайыма аракеттеги документи болуп эсептелинет. План ЖК жана билим берүү чөйрөсүндөгү аймактык структуралардын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын (КР ӨКМ жана КР ББИМ) өкүлдөрүнүн түздөн-түз катышуусу менен иштелип чыгышы керек.

Мектептин Жарандык коргонуу планы:

• *Өзгөчө кырдаал пайда болуу коркунучунда, аларды алдын алуу же кесепеттерин жоюу боюнча ЖК чараларынын көлөмүн, аткаруу мөөнөтүн жана тартибин, ошондой эле балдарды жана мектеп кызматчыларын, материалдык каражаттарды (имараттарды, курулуштарды, аймакты, түзүлүштөрдү, мектеп жабдыктарын ) коргоо, кырсыктык-куткаруу иштерин ж.б. кечиктирилгис иштерди аткаруу жаралган учурда, буга тартылуучу күч жана каражаттарды аныктоону алдын ала көрө билүүсү керек.*
• *тексттик бөлүктөн жана тиркемелерден турат. Тексттик бөлүк ичине эки бөлүмдү камтыйт: биринчиси – мектептин аймагындагы абалдын кыскача географиялык жана социалдык-экономикалык мүнөздөмөсү, экинчиси – өзгөчө кырдаал коркунучундагы жана пайда болуу учурундагы иш-чаралар.*

***Эскертүү:*** *Жарандык коргонуу Планынын түзүлүшүнүн үлгүсү Тиркеме 11де.*

## <u>8-кадам: Мектептин Жарандык коргонуу түзүмдөрүн жаратуу</u>

Мектептерде Жарандык коргонуу мектеп түзүмдөрүн жаратуу сунушталат – балдар жана калк арасында, мектеп кызматкерлерине кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу маселелеринде көмөк көрсөтүү, билимди жайылтууга жана ыкмаларды өздөштүрүүгө арналган жаш куткаруучу, жаш өрт өчүрүүчү ж.б. отряддары.

Жарандык коргонуу мектеп түзүмдөрүнүн тизмесин, “Жаш куткаруучу”отряддарында, мектептин өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен, мектепте түзүлүшү керек, ЖК чөйрөсүндөгү аймактык бөлүкчөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сунушу боюнча аныктоо зарыл.

Жаш куткаруучу отряддарында төмөнкү Жарандык коргонуу мектеп түзүлүштөрү/командалары түзүлүшү мүмкүн:

• *дарыгерлердин мектеп командасы/тобу/звеносу;*
• *коомдук тартипти сактоочулардын жаш жардамчыларынын мектеп командасы/тобу/звеносу;*
• *кабарландыруу боюнча жаш жардамчылардын мектеп командасы/тобу/звеносу;*
• *жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн мектеп командасы/тобу/звеносу*
• *башкалар*

ЖК мектеп түзүмдөрүн даярдап жана окутууда ЖК жана билим берүү чөйрөсүндөгү, аймактык түзүмдүк ыйгарым укуктуу уюмдары, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу уюмдары (мектептин жайгашкан жери боюнча), жергиликтүү коомчулук, эл аралык жана бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү уюштурууга, жабдууга, методикалык жана техникалык жардам берип көмөк көрсөтүшү мүмкүн.

**9-кадам: Мектептин эрте кабарландыруу системасын түзүү**

Мектепте эрте кабарландыруу системасы милдеттүү түрдө төмөндөгү максатта түзүлүшү керек:

• *коркунуч же өзгөчө кырдаалдын пайда болуу мүмкүндүгү жөнүндө шашылыш маалыматтардын өз убагында берилишин камсыздоо, алар бардык негизги (кабинеттер, класстар, салтанаттуу чогулуш өткөрүлүүчү залдар, китепканалар ж.б.) жана көмөкчү жайларда (ашкана, дааратканa, кампа, спортзал ж.б.), ошондой эле мектептин аймагында пайда болушу мүмкүн.*
• *өзгөчө кырдаалдын пайда болуу коркунучу же анын мектеп жана тиешелүү мамлекеттик органдарынын, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын же айрым жарандардын кырсыктан куткаруу кызматтарынын ортосунда пайда болуусу жөнүндө шашылыш маалыматтарды кабыл алуу жана өткөрүп берүү, алмашуу.*

Мектептин эрте кабарландыруу системасы техникалык аткаруусунда автоматташтырылган *(өрткө каршы автоматикалык коргоо, электр сиренасы (өрт же ӨК туралуу сигнализация жана кабарландыруу система)* же эң эле жөнөкөй *(үн күчөткүчтөр, мектеп радиосу, өрттүк набат-гонг)* техникалык жабдууларынан турат жана алар аймактык ыйгарым укуктуу мамлекеттик ЖК чөйрөсүндөгү уюмдун макулдашуусу менен мектептин мүнөздөмөсү, мүмкүн болгон кырсык тобокелин жана өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу мүмкүндүгүнүн коркунуч даражасы эсепке алынышы менен, ошондой эле балдардын жана мектеп кызматчылардын коопсуздугун камсыздоо үчүн керектүү жетишкендик принцибинен түзүлөт.

Мектептин эрте кабарландыруу системасын түзүү жана аны даярдыкта кармап туруу боюнча бардык чаралар, бул процесске *кабарландыруу боюнча жаш жардамчылардын мектеп командасын/тобун/звеносун* жардамчы катары тартуусу менен, атайын дайындалган мектеп кызматчылары менен өткөрүлүшү керек.

***Эскертүү:*** *Мектептин эрте кабарландыруу системасынын үлгүсү Тиркеме 12де.*

**10-кадам: Мектептин шашылыш эвакуациялоо системасын түзүү**

Мектептеги эвакуациялоо балдарды жана кызматчыларды, мүмкүн болгон учурда материалдык баалуулуктарды, өзгөчө кырдаалдар коркунучунда же жаралган учурда, имараттан же мектеп аймагынан коопсуз жерге сыртка уюштуруп чыгаруу боюнча иш-чара комплексин билдирет.

Бул максатта, эвакуациялык кирүүлөр жана чыгуулар каралган, жүрүм-турум эрежелери бекитилген, ошондой эле жоопкерчиликтүү кызмат адамдардын, кызматчылардын жана балдардын аракеттеринин тартиби жана ырааттуулугу, эвакуация сигналы жарыяланган учурда материалдык баалуулуктардын сыртка чыгаруу тартиби каралган эвакуациялоо Планын иштеп чыгуу зарыл.

Эвакуациялоо Пландары ичинде адамдардын болуусу, иштөөсү каралган курулуш жайларынын, коридорлору, тепкич марштарына түшүрүлгөн схеманы билдирет. Бул схемаларда эвакуациялоо жолдору, эвакуациялык жана кырсыктык чыкмалар, өрткө каршы жабдуулар, кырсыктык байланыш телефондору, биринчи медициналык жардам берүү каражаттары жана кошумча куткаруу каражаттарынын турган орду шарттуу белгилер (элементтер) менен көрсөтүлөт.

Эвакуациялоо пландарында аларда колдонулган бардык шарттуу белгилери, ошондой эле өзгөчө (кырсыктык) кырдаалдар шартында адамдардын белгиленген жүрүм-турум эрежелери, алардын аракеттеринин тартиби жана ырааттуулугу чечмеленет. Эвакуациялоо пландары кабаттуу, секциялык, локалдык жана жыйынтыкталган (жалпы) болушу мүмкүн.

Негизги эвакуация чыкмаларга алып баруучу эвакуациялык жолдорду жашыл түстөгү туташ сызык менен жүрүү багытын көрсөтүп белгилөө керек, кырсыктык эвакуациялык чыкмаларга алып баруучу эвакуация жолдорунун жашыл түстөгү майда сызык менен жүрүүнүн багытын көрсөтүп белгилөө керек. Эвакуациялык жолдорунун бардык белгилерин фотолюминисценттүү материалдардын негизинде аткаруу зарыл.

Эвакуациялоо планын иштеп чыгууну жана эвакуациялык жолдорунун белгилерин түшүрүүнү милдеттүү түрдө техникалык коопсуздук багытындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын адистеринин (КР Өкмөтүнүн алдындагы экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча Мамлекеттик инспекциясы) сунуштарынын негизинде ишке ашыруу керек.

***Эскертүү:*** *Мектептин эвкуациялоо жана эвакуация жолдорун белгилөө Планынын үлгүсү 13-тиркемеде.*

## 11-кадам: Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык жана структуралык эмес чараларды ишке ашыруу

**Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык чаралар –** коркунучтардын болуу мүмкүндүк таасирин азайтуу же алдын алуу үчүн көрүлгөн физикалык инженердик чаралар, же курулуштардын жана системалардын ишенимдүүлүгүн жана туруктуулугун камсыздоо үчүн инженердик ыкмаларды колдонуу.

Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык чаралар, кырсык тобокелинин булактарын жоюу боюнча же алардын кесепетин жоюу болуп структуралык чараларга бөлүнөт, алар капиталдуу курулуш багытында же имараттардын жана курулуштардын капиталдык ремонт багытында ишке ашырылат.

КТА боюнча структуралык чараларды мектепте өткөрүүнүн негизги максаты – бул мектеп имараттарынын, курулуштарынын, түзүлүштөрүнүн ӨК туруктуу болушун жана алардын ичиндеги адамдарды коргоону камсыздоо.

Мисалы, мектепке карата КТА боюнча структуралык чаралар төмөндөгүлөр болот:

- *курулуштардын жана түзүлүштөрдүн структуралык аярлуулугун талдоо;*
- *мүмкүн болуучу өзгөчө кырдалдарга туруктуу эмес курулуштарды жана түзүлүштөрдү бузуу;*
- *кырсыктардын таасирине туруктуу жаңы курулуштарды жана түзүлүштөрдү куруу;*
- *жээкти коргоочу курулмаларды – дамбаларды, сел өткөрүүчү каналдарды, арык тармактарын, башка суу өткөрүүчү курамаларды бекемдөө жана тазалоо;*
- *көтөрүп туруучу дубалдарды, тосмо жыгачтарды, чатырчаларды, фундаменттерди, сырттагы дааратканаларды, тепкич марштарды капиталдык ремонттоо жана бекемдөө, чагылган тоскучтарды, спортзалдарды жана аянтчаларды орнотуу;*
- *өрттүк жана башка сигнализацияларды, эрте кабарландыруу системаларды, тосуучу коргоочу жабдууларды (тосуучу конструкцияларды, торчолорду, козыректорду) орнотуу.*

***Билүү керек:*** *КТА боюнча структуралык чараларды пландоо жана ишке ашыруу мектептин компетенциясына кирбейт, бул маселе боюнча тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар (КР ӨКМ, Мамлекеттик архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба агенттиги, ББИМ жана башкалар) жана капиталдык курулуш жана ремонт чөйрөсүндөгү программаларды жана пландарды ишке ашыруу чегиндеги жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары алек болушу керек.*

*Бирок, мектеп администрациясы талдоо жүргүзүү боюнча чараларды жана мектептин структуралык аярлуулук абалынын үзгүлтүксүз мониторингин өткөрүүгө кызыктар жана милдеттүү, бул ишке тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик уюмдарынын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын квалификацияланган адистердин-серепчилерин тартуусу керек.*

**Мектептеги кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралар**. Өзгөчө кырдаал учурунда имараттардын, курулуштардын ичиндеги, алардан олуттуу зыян алуудан качып кетүүгө мүмкүн болуучу, адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч жараткан бардык буюмдар, мындайча айтканда структуралык эмес деп аталган коркунучту пайда кылат.

Мектептеги кырсык тобокелдерин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралардын негизги максаты бул имараттардын, курулуштардын жана түзүлүштөрдүн ичиндеги бардык буюмдар адамдарга коркунуч жаратпашын камсыз кылуу. Мындай буюмдарга эмеректер, окуу куралдары, техника, жарык берүүчү жана жылытуучу жабдуулар, түтүктөр ж.б.у.с. кирет.

КТА боюнча структуралык эмес чаралар – бул имараттардын жана курулуштардын физикалык курулушун же капиталдык ремонтун талап кылбаган бардык иш-чаралар.

Мисалы, мектепке тийиштүү кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралар төмөнкүлөр болот:

• *өзгөчө кырдаалдын жаралуу учурунда керектүү документтерди иштеп чыгууда колдонулуучу маалымдоо, окутуу, билим жайылтуу, тажрыйба топтоо, ыкмаларды жана аракеттерди (уюштуруучу, үйрөтүүлөр, машыгуулар) иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу бардык структуралык эмес иш-чаралар;*
• *буюмдардын кулашын же сыйгалануусун жокко чыгаруу максатында бардык структуралык эмес буюмдарды структуралык буюмдарга бекитүү - шкафтарды, китеп койгуч текчелерди, класстык тактаны, асылып жана тикесинен турган оор буюмдарды, окуу материалдарын;*
• *кырсыктык чыкмаларга эркин жетүүнү камсыздоо жана тескерисинче, кооптуу жайларга, тилкелерге кирүүгө бөгөт коюу, жок кылуу;*
• *сынчу буюмдарды сынбай турган буюмдарга алмаштыруу же аларга жетүүгө бөгөт коюу;*
• *күйүүчү-майлоочу материалдардын, өрткө кооптуу буюмдардын жана суюктуктардын, уулуу жана күчтүү таасир берүүчү препараттардын жана заттардын кармалышын жана сакталышын ишеничтүү камсыздоо;*
• *кооптуу буюмдарды жана тилкелерди, көңүлдү өзүнө бурган атайын тыюу салуучу жана көрсөтүүчү белгилер жана символдор менен маркировкалоо жана тескерисинче, өзгөчө кырдаалдар учурунда коргоого жана коопсуздукту камсыз кылууга арналган буюмдарды жана тилкелерди атайын белгилер жана көрсөткүчтөр менен маркировкалоо.*

Структуралык эмес чараларды мугалимдердин, ата-энелердин күчү, окуучуларды тартуу

менен ишке ашырууга болот. КТА боюнча структуралык эмес чаралар мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдардын өзгөчө муктаждыктарын канааттандыруу үчүн инфраструктураны ыңгайлаштырууну да камтыйт. Мисалы, өзгөчө кырдаал маалында аларды өз убагындагы эвакуациялоо жана атайын жардам көрсөтүүгө тоскоол жаратуучу эшиктин кире бериштердин, баскычтардын, тепкичтердин кууштугу, жарыктын начарлыгы ж.б. ушуга байланыштуу мектеп имаратындагы мүмкүн болуучу тоскоолдуктарды аныктап жана инфраструктураны талапка ылайык ыңгайлаштыруу керек.

***Эскертүү:***
*Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык эмес ыкмаларынын үлгүлөрү Тиркеме 14тө. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга инфраструктураны адаптациялоо боюнча иш-чараларды пландаштыруунун үлгүсү Тиркеме 15те.*

## 12-кадам: Жабыр тарткандарга биринчи жардам көрсөтүү боюнча чараларды ишке ашыруу

Ар бир мектепте өзгөчө кырдаалдардан жабыр тарткандарга, ошондой эле турмуштан түрдүү жаракат алгандарга, же ден соолугунда көйгөй жаралгандарга биринчи жардам көрсөтүү боюнча даярдыкты камсыз кылуу үчүн уюштуруучу-практикалык чаралар кабыл алынышы керек.

Мектептин администрациясы жана мугалимдер мындай жагдайларда көпчүлүк убакта биринчи мүнөттөр өтө маанилүү экендигин эске сактоосу зарыл, анткени биринчи жардам адамдын өмүрүн сактап калышы же аны оор кесепеттерден коргошу мүмкүн.

**Мектепке тийиштүү биринчи жардам – бул дасыккан адистер (квалификациялуу куткаруучулар, медицина кызматкерлери жана башка адистер) келгенге чейин жабыркагандардын өмүрүн жана ден соолугун сактап калуу үчүн көрүлүүчү эң эле жөнөкөй шашылыш чаралар.**

Биринчи жардам көрсөтүү боюнча негизги уюштуруучу-практикалык чараларга төмөндөгүлөр кирет:

*• ыйгарым укуктуу квалификациялуу адистер (Саламаттык сактоо министрлигинин жана Эл Аралык Кызыл Ай Коомунун адистери) айрым (бардык эмес) окуучулардын категорияларын, негизинен жогорку класстын окуучуларын жана улуу кызматчыларын, түрдүү биринчи жардам көрсөтүү эрежелерине жана ыкмаларына окутуу;*
*• балдарды жана кызматчыларды өзүлөрү жаракат, травма же жабыркат алган жагдайларда же бул жагдайларга башка балдар жана чоңдор кабыл болгондо жүрүм-турум эрежелерине окутуу, аларды биринчи жардамды көрсөтө ала тургандарды чакырууга же биринчи жардам көрсөтүүнүн зарылдыгы жөнүндө сигналын берүүгө үйрөтүү.*
*• мектепте биринчи жардам көрсөтүү үчүн керектүү атайын заттарды, материалдарды, инструменттерди топтоо жана даярдыкта кармоо (дары-дармектер, таңуучу материалдар, транспорттук дөңгөлөктөр, замбилдер, өрткө каршы калкандар, өрт өчүргүчтөр, суу корлору, медициналык аптечкалар жана башкалар).*
*• Мектептин бардык балдары жана кызматчылар (атайын мектеп такталарынын окуулары керек) окуучулардан же мектеп кызматчыларынан биринчи жардамды ким көрсөтүүгө даярдалган жана биринчи жардамды көрсөтө алаарын, биринчи жардам көрсөтүү каражаттары кайда жатканын, ошондой эле куткаруучуларды жана тез медициналык жардамды (101, 102, 103, 104, 112 ж.б. телефон номерлери) кантип чакыруу керектигин билиши керек.*

Туура көрсөтүлгөн биринчи жардам төмөнкүдөй күчөп кетүү көрүнүштөрүнөн алдын ала сактайт: шок, кан кетүү, инфекциянын өнүгүүсү, сөөк сыныктарынын кошумча орунга сыйыгышы жана ири нерв стволдорунун жана кан тамырларынын жаракаты.

Биринчи жардам көрсөтүүнүн сапатынан жана өз учурунда көрсөтүлүшүнөн жабырлануучунун кийинки ден соолугунун абалы жана ал турсун анын өмүрү да көз каранды болоорун эске тутуу керек. Айрым жеңил жаракат алганда жабырлануучуга көрсөтүлгөн медициналык жардам биринчи жардам менен эле чектелиши мүмкүн. Бирок оорураак жаракат алганда (сыныктар, мертинүүлөр, кан кетүү, ички органдарынын жаракаттары ж.б.) биринчи жардам алгачкы этап болуп саналат, анткени аны көрсөтүүдөн кийин жабырлануучуну дарылоо мекемесине жеткирүү керек. Биринчи дарыгерге чейинки жардам өтө маанилүү, бирок ал квалификациялуу (адистештирилген) жардамды эч качан алмаштыра албайт, эгерде жабырлануучу ага муктаж болсо.

Биринчи жардам жабырлануучуга тез арада жана бир адамдын жетекчилигинде көрсөтүлүшү керек, себеби четтен келген кеңештер, кымгуут, талаш-тартыштар жана өзүн жоготуу кымбат убакыттан ажыроого алып келет. Ошондой эле дарыгерди чакыруу же жабырлануучуну медпунктка (ооруканага) жеткирүү токтоосуз аткарылышы керек.

Жабырлануучунун өмүрүн жана ден соолугун сактап калуу боюнча мектептин улуу кызматчыларынын аракеттеринин алгоритми болжол менен төмөнкүдөй болушу керек:

*а) «тез жардамды» чакыруу;*
*б) жанындагыларды, куткаруучуларды жардамга чакыруу;*
*в) жабыркагандын абалын күтүүсүз баалоо (сыртынан кароо, өзүн кандай сезип жатканын аныктоо, жашоо белгилеринин болушу);*
*г) биринчи жардам каражаттарын колдонуу (зарыл учурда, жагдайга жараша);*
*д) жабырлануучуга коопсуз абалды камсыз кылып берүү;*
*ж) жабыркаганды кароосуз калтырбоо, дайыма анын акыбалын көзөмөлдөө, медицина кызматкерлери келгенге чейин анын организминин жашоо фукцияларын колдоону улантуу*

Жардам көрсөтүүчү билүүсү керек:

• *экстремалдык шарттарда иштөөнүн негиздерин;*
• *жашоого маанилүү системаларынын бузулуу белгилерин (симптомдорун);*
• *жагдайга жараша дарыгерге чейинки биринчи жардам көрсөтүү эрежелерин, методдорун,ыкмаларын;*
• *жабырлануучуну ташуу жолдорун жана башкалар.*

Жардам көрсөтүүчү жасай алышы керек:

• *жабырлануучунун абалын баалоо, жаракаттардын (травмалардын) түрүн, өзгөчөлүктөрүн диагноздоо, керектүү биринчи жардам көрсөтүүнүн түрүн, тиешелүү чаралардын ырааттуулугун аныктоо;*
• *медициналык мээлейлерди колдонуу менен жгуттарды, кысуучу таңгычтарды ж.б.таңуу жолу менен канды токтотконду; сөөк, скелет, мертинүү сыныктарында таңгычтарды, жоолуктарды, транспорттук шиналарды байлаганды;*
• *биринчи жардам көрсөтүүдө, ташууда, жүктөөдө, транспортировка убагында колдо бар каражаттар менен колдонгонду;*
• *жабырлануучуну жол тосуп (ылайыкталбаган) транспорт менен эвакуациялоону, тез медициналык жардам аптечкасы менен колдонгонду.*

**13-кадам: Жарандык коргонууга даярдоо жана окутуу**

Мектеп окуучуларын жана кызматчыларын Жарандык коргонуу боюнча даярдоо жана окутуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 21-ноябрындагы № 780 «Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын жана күчтөрүн даярдоонун, калкка Жарандык коргонуу тармагында маалымат берүүнүн бирдиктүү системасы жөнүндө» Токтомунун жана «Жарандык коргонуунун башкаруу органдарын жана күчтөрүн даярдоонун, калкка Жарандык коргонуу тармагында маалымат берүүнүн бирдиктүү системасы жөнүндө жобосунун» талаптарына ылайык ишке ашырылат.

Жогоруда көрсөтүлгөн документтер сунуштайт:

• ЖК башкаруу түзүмү – жетекчилер (мүдүрлөр) – мектептин Жарандык коргонуунун башкаруучулары жана алардын орун басарлары милдеттүү:

*а) Жарандык коргонуу боюнча чараларды уюштуруу, пландаштыруу жана өткөрүү маселелери боюнча ченемдик документтер менен өз алдынча иштөөгө;*
*б) Жарандык коргонуу боюнча өз функционалдуу милдеттерин үйрөнүү, КР ӨКМ Жарандык коргонуу адистерди даярдоо жана кайра даярдоо Борборунда (жыл сайын иштеп чыгарылуучу комплектациялоо Пландарына ылайык) кайра даярдык өтүүгө жана квалификациясын жогорулатууга – 7 сааттык программа боюнча жылына 1 жолу;*
*в) Жарандык коргонуу боюнча окуу-методикалык жыйындарда, окууларда, машыгууларда жана башка пландык чараларда өзү катышууга.*

• Мектеп кызматчылары (мугалимдер жана кызматчылар) милдеттүү:

*а) жумуш ордуна ылайык сабак өткөрүүгө;*
*б) Жарандык коргонуу боюнча окууларда, машыгууларда жана башка пландык чараларда катышууга;*
*в) өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу жана алардын кесепеттерин жою боюнча программаларды жеке үйрөнүүгө.*

• «Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери» курсунун окутуучулары, методисттери милдеттүү:

*а) ПККЖжКДРИ жана КР ӨКМ ЖКАДжКДБ кайра даярдоону өтүүнү камсыздоого.*

Окуп жаткандар (мектеп окуучулар) милдеттүү:

*а) «Турмуш-тиричилик коопсуздугу»*[5] *1-5-класстар үчүн окуу программасынын негизинде «Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери» курсу боюнча окуудан өтүүгө;*
*б) Жарандык коргонуу боюнча окууларга жана машыгууларга катышууга;*
*в) Жарандык коргонуу темасы боюнча эскертмелерди, баракчаларды жана колдонмолорду үйрөнүүгө, радио берүүлөрдү угууга жана теле көрсөтүүлөрдү көрүүгө.*

Андан тышкары, республикалык, облустук, шаардык жана райондук деңгээлде жыл сайын бир жылга Жарандык коргонуу боюнча даярдоо Пландары иштелип чыгарылат, аларга ылайык төмөнкү окутуулар жана машыгуулар пландаштырылат жана өткөрүлөт:

[5] М.Т. Иманкулова, М.Субанова, В.В. Савочкина, Ч.Ж. Жумакадырова, В.П. Клецова. Турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, 2013-ж.

*а) райондун же шаардын Жарандык коргонуу Жетекчисинин башкаруусу менен Жарандык коргонуунун комплекстик окуулар 3-5 жылда 1 жолудан кем эмес мөөнөтү менен пландаштырылып жана план боюнча өтүкөрүлүшү керек;*

*б) мектептеги объекттик машыгуулар – «Жарандык коргонуу күндөрү» - Пландар боюнча жана райондун же шаардын Жарандык коргонуу Жетекчисинин башкаруусунда 1 жылдан кем эмес мөөнөттө өтүшү керек.*

Мектеп администрациясы, ЖК боюнча комиссиясы балдарды жана мектеп кызматчыларын даярдоо жана окутуу боюнча чараларды өткөрүүдө милдеттүү түрдө практикалык жардам көрсөтө алган ЖК тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик уюмунун аймактык түзүмдөрүнүн талаптарын жана сунуштарын көздөөсү керек.

***Эскертүү:*** *Мектепте «Жарандык коргонуу күнүнө» даярдык көрүү жана өткөрүү планынын үлгүсү Тиркеме-16да.*

## II. БӨЛҮМ:
## II. БӨЛҮК. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР УЧУРУНДА БИЛИМ БЕРҮҮ [6]

Билим алуу укугу адамдын негизги укугу болуп эсептелет, бул укуксуз башка укуктарды толук ишке ашыруу мүмкүн эмес.[7] Чыр-чатак чыккан, же болбосо өзгөчө кырдаал тилкесинде калган балдар үчүн билим алуу маселеси өзгөчө мааниге ээ, себеби билим берүү процесси негизинен өзгөчө кырдаал шартында үзгүлтүккө учурайт жана окуучулар сапаттуу билим алуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

Өзгөчө кырдаалдар шартында билим берүү балдардын психологиялык жактан калыбына келишине жана социалдык жактан интеграцияланышына көмөктөшүүчү, коопсуз билим берүү жайларын түзүү жана маалымат берүү аркылуу алардын жашоосун сактоого жардам берген балдардын негизги укуктарынын бири болуп эсептелинет.

Өзгөчө кырдаалдар шартында билим берүү чыр-чатак чыккан, же болбосо өзгөчө кырдаал тилкесинде калган балдар үчүн өзгөчө мааниге ээ, себеби өзгөчө кырдаалдар балдарга адат болуп калган чөйрөнү бузат, өнүгүп-өсүүсүнө терс таасир тийгизет.

Сапаттуу билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү балдарга тийгизген чыр-чатактардын жана кырсыктардын психосоциалдык таасирин жеңилдетет, кадимки жашоого, туруктуулукка жана ыраattуулукка кайтып келүү сезимин калыптантат. Билим берүү Физикалык жактан коркунучтан коргоону камсыз кылуу менен өмүрдү сактай алат жана өзгөчө кырдаалдын кесепеттеринен арылууга жардам берет, балдардын ар тараптан өнүгүүсүнө көмөк көрсөтөт, балдарга өзгөрүп туруучу шарттарга ийгиликтүү көнүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү өзүн алып жүрүү ыкмаларына жана моделдерине үйрөтөт.

Ушуга байланыштуу, билим берүүдө КТА маселелерин интеграциялоо, мүмкүн болуу тобокелин алдын алууга же төмөндөтүүгө, өзгөчө кырдаалга даяр турууга жана анын кесепеттерин жоюуга жардам берүүчү негизги куралдын бири.

Билим берүүдө өзгөчө кырдаал тобокелин төмөндөтүү билим берүүдөгү саясат, программаларды иштеп чыгуу жана пландаштыруу, билим берүү жана окутуу, кырсыктарга туруштук берүүнү камсыз кылуучу мектеп инфраструктурасын куруу жана модернизациялоо, окууга коопсуз шарттарды түзүү жана окуучулардын билим алуу муктаждыктарын камсыз кылуу чөйрөлөрүн камтыйт.

### 1. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН МИНИМАЛДЫК СТАНДАРТТАРЫ

Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдө билим берүү секторунда «Билим берүүнүн минималдык стандарттары: даярдык, программа, калыбына келтирүү» стандарттарын колдонуу сунушталат. Бул стандарттар өзгөчө кырдаалдарда билим берүү көйгөйлөрү боюнча Мекемелер аралык тармак тарабынан (ӨКМАТ) өзгөчө кырдаалдарда, чыр-чатактарга чара көрүүдө, сапаттуу билимге минималдык жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

[6] Адабият булагы: Билим берүүдөгү минималдуу стандарттар: даярдык, программа, калыбына келүү. 2-басылыш, орус тилине которулушу, INEE-МСОЧС, 2010

[7] Булактар: http://www.unesco.org/new/ru/education/themes/leading-the-international-agenda/right-to-education/

Бул стандарттар суу менен камсыз кылуу, санитария жана гигиена, азык-түлүк коопсуздугу, тамак-аш жана тамактандыруу боюнча жардам, турак-жай жана башка товарлар, медициналык тейлөө стандарттарын өзүнө камтыган Гуманитардык хартиянын «Сфера» (Чөйрө) долбооруна маанилүү кошумчалоо болуп эсептелет.

Стандар 5 бөлүктөн турат:

1. Негизги стандарттар: коомдун катышуусу, координациялоо жана талдоо;

2. Жетүү мүмкүнчүлүгү жана окуу чөйрөсү;

3. Окутуу жана билим берүү;

4. Мугалимдер жана башка билим берүү кызматкерлери (негизги көңүл, жумушка кабыл алуу жана кадрларды тандоону кошуу менен бирге, билим берүү чөйрөсүндөгү кадрларды башкарууга, жумуш шарттарына, колдоого жана жетектөөгө бурулат);

5. Билим берүү жаатындагы саясат (негизги көңүл саясатты иштеп чыгуу жана аны ишке ашырууга, пландаштырууга бурулат).

**Эскертүү:** *стандарттар боюнча кыргыз жана орус тилиндеги кеңири маалымат менен колдонмого тиркелген дисктен тааанышасаңыз болот.*

## 2. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДА МЕКТЕПТИН РОЛУ

Мектеп окуучуларынын жеке өздөрүнүн коопсуздугуна, айлана-чөйрөдөгүлөрдүн коопсуздугуна жоопкерчиликтүү жана аң-сезимдүү мамиленин калыптанышына, ошондой эле билим алууда коркунучтарды түшүнүп билүү, аларды баалоо жана алардан коргонуу жолдорун аныктоодо маанилүү ролду ойнойт.

Мектептеги өзгөчө кырдаалдар учурунда:

• *Баланын билим алуусу үчүн гана эмес, ошондой эле комплекстүү өнүгүүсүнө коопсуз шарттар түзүлөт (эмоционалдуу жана конгнитивдүү), бул баланын бүт турмушунда билим алуу үчүн негиз түзүүгө көмөк көрсөтөт;*
• *Балага жашына, жынысына, социалдык статусуна, динине, улутуна, физикалык өзгөчөлүгүнө карабастан билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк берилет;*
• *Балдарга психосоциалдык жардам алууга жана кризистик кырдаалдардын кесепеттерин жеңүүгө мүмкүндүк берилет;*
• *Жашап кетүү ыкмаларын өнүктүрүүгө, көйгөйлөрдү жана чыр-чатактарды чечүү механизмдерин өздөштүрүүгө жардам бере турган жашоого маанилүү маалыматтарды сунуштайт;*
• *Көп тилдүү жана инклюзивдүү билим берүүнүн маанилүүлүгүн түшүндүрөт, толеранттуулукка жана сабырдуулукка, чатактарды тынчтык жолу менен чечүүгө, адамдардын укуктарын коргоого, айлана-чөйрөнү сактоого, өзгөчө кырдаалдарын алдын алууга үйрөтөт;*
• *Ар түрдүү зордук зомбулуктардан физикалык жактан коргонууну камсыз кылат ж.б.*

Өзгөчө кырдаал учурунда мектептер же убактылуу окуу имараттар жаңыдан түзүлгөн коргоону, тамактанууну, санитардык жана медициналык тейлөөнү камсыздаган борборлор катары пайдаланышы мүмкүн.

Башка мүмкүнчүлүктөр жок болгон учурда мектептер орун которгондор үчүн гана кабыл алуу турак-жайы катары колдонулушу мүмкүн экендигин билүү маанилүү. Мындай учурларда материалдык-техникалык баалуулуктарды, алардын ичинде окуу материалдарды, эмеректерди, документтерди ж.б. сактоо жөнүндө кам көрүү керек. Курч чатактар жана өзгөчө кырдаал учурунда жашоонун альтернативдүү турак-жайлары өзгөчө кырдаалга даярдыкты пландаштыруу мезгилинде аныкталышы керек. Мектепти убактылуу кабыл алуу турак-жайы катары пайдалануу мөөнөттөрүн жана мектеп инфраструктурасын жакшыртуу маселелерин кызыктар тараптар менен сүйлөшүп алуу зарыл.[8]

## 3. ӨК ШАРТТАРЫНДА АЙРЫМ ЖАКТАРДЫН ЖАНА ТОПТОРДУН АЯРЛУУЛУГУ

Адамдын укук жана эркиндик теңдиги кандайдыр бир сырткы факторлорго, физикалык жана психикалык мүнөздөргө карабастан адамдын укугун урматтоого жана сактоого негиз салуучу принциптеринин бири болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодексинин 4-беренесинде балдардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо принциптеринин бири болуп *«расасына, терисинин өңүнө, жынысына, тилине, динине, улутуна же социалдык тегине, мүлктүк абалына, ден соолугуна, ошондой эле бардык башка белгилерине карата балдарды дискриминациялоого жол бербөө»*[9].

Аярлуу адамдарды жана топторду коргоонун эң негизги максаты жашоонун бардык чөйрөсүнө бирдей жетүү мүмкүнчүлүгү, өз жөндөмдүүлүгүн толук өнүктүрүү, анын ичине физикалык, моралдык жана руханий өнүгүү мүмкүнчүлүктөрү да кирет.

Тең укуктуулук укугу адамдардын ар тараптуу өнүгүүгө жетишүүнүн куралы катары зор мааниге ээ. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү толук көлөмдө адамдардын укуктарын коргоого жана камсыз кылууга көмөк көрсөтөт.

Өзгөчө кырдаал көпчүлүк адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудурушу мүмкүн[10]. Өзгөчө кырдаал учурунда калктын аярлуу катмарынын жабыркоо мүмкүнчүлүгү өтө жогору экендигин статистика көрсөтөт. Өзгөчө кырдаал учурундагы калктын аярлуу катмарларына: балдар, кыздардын кээ бир категориялары, аз сандуу улуттар, ВИЧ менен ооругандар, мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар ж.б. кирет.

Бул, мектеп айрым окуучулардын же окуучулардын топторун түзгөн аярлуу катмарларга өзгөчө кырдаал учурунда коргоо менен байланышкан муктаждыктарын, аларга зыян тийгизбей жана билим алууга бирдей жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу зарыл экендигин эске алуу керек экендиги жөнүндө айтып турат.

Жыныстык көйгөйлөргө, физикалык, сексуалдык, үй-бүлөлүк зомбулук, эксплуатациялоо, жана ВИЧ/СПИД ооруларына байланыштуу маалыматтар жашыруун болушу керек экендигин эске тутуу зарыл.

***Эскертүү:*** *Өзгөчө кырдаал учурунда жана өзгөчө кырдаалдан кийин калктын аярлуу катмарларына билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк берүүнү камсыз кылуу боюнча минималдык чаралардын үлгүсү Тиркеме 17де.*

---

8 Булактар: Билим берүүнүн минималдык стандарттары: даярдык, программа, калыбына келтирүү.
2- чыгарылышы, орус тилиндеги котормосу, INEE-МСОЧС, 2010-ж.

9 Булактар: Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө Кодекси 2012-ж.10-июлундагы №100

10 Булактар: Сфера долбоору. Гуманитардык жардам көрсөтүүдөгү гуманитардык Хартия жана минимал сандарттары. Үчүнчү чыгарылышы, 2011-ж.

## 4. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАРГА ЧАРА КӨРҮҮДӨГҮ БИЛИМ БЕРҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕРИНДЕ БАЛДАРДЫН ЖАНА ЖАШТАРДЫН КАТЫШУУСУ

Балдардын жана жаштардын өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдөгү билим берүү демилгелеринде регулярдуу, систематикалык жана түшүнүү менен катышуусуна өзгөчө көңүл буруу зарыл, себеби, бул билим берүү процессинин үзгүлтүксүз болушуна жана билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк түзүү канчалык маанилүү экендигин түшүнүүгө көмөк көрсөтөт. Аларды маалыматтарды чогултууга жана талдоо жүргүзүүгө, пландаштырууга, мониторинг жүргүзүүгө жана баалоого тартса болот.

Балдар жана жаштар төмөнкүдөй жардам көрсөтө алышат:

• *өзгөчө кырдаалдан кийин мектепке келбеген окуучуларды аныктоо, мектепке келбегендигинин себебин чоңдор менен биргеликте тактап, алардын кайра мектепке кайтуусуна жардам көрсөтүү;*
• *окуучуларды реинтеграциялоого жана реабилитациялоого көмөктөшүүчү коомдогу, үй-бүлөдөгү жана мектептеги басмырлоону алдын алуу боюнча пландарды иштеп чыгуу;*
• *мониторинг жүргүзүп, эки тараптуу байланышты камсыздоо;*

Мектептерде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген окуучулар болсо, алардын өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдөгү билим берүү демилгелерине катышуусун камсыз кылууга багытталган чараларды көрүү сунушталат. Алардын ой-пикирлери жана билими көрсөткүчтөрдү талдоодо, план түзүүдө, мониторинг жасоодо жана баалоодо эске алынышы өтө маанилүү.

## 5. КООРДИНАЦИЯЛОО ЖАНА КЫЗМАТТАШТЫК

Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдө мектепте окуу процессин уюштуруу жана калыбына келтирүү боюнча координациялоо иштерин Билим берүү жана илим министрлиги, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Саламаттык сактоо министрлиги, Социалдык өнүгүү министрлиги, ӨКМ алдындагы Өрткө каршы кызматы, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик курулушу, Мамлекеттик архитектура агенттиги, Мамлекеттик архитектура жана курулуш агенттигинин алдындагы Таза суу менен камсыздандыруу жана суу бөлүштүрүү департаменти, Жергиликтүү бийлик иштери боюнча жана этника аралык мамилелер мамлекеттик агенттиги, КР Өкмөтүнүн алдындагы турак-жай коммуналдык чарбасы, билим берүүнүн шаардык жана райондук, аймактык түзүмдүк бөлүктөрү жана жергиликтүү бийлик органдары, ЖББУ, жергилиткүү коомчулук, донор уюмдары ж.б.менен алып барат.

Координация өнөктөштөргө биргеликте баалоо жана мониторинг жүргүзүүгө, пландоого, маалыматтар менен бөлүшүүгө, балдардын билим алууга болгон муктаждыктарын эффективдүү жана комплекстүү түрдө канааттандырган ресурстарды мобилизациялоого мүмкүнчүлүк берет.

## 6. МЕКТЕПТЕГИ БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕГИ БИЛИМ БЕРҮҮ МУКТАЖДЫГЫН БААЛООНУ ӨТКӨРҮҮ

Өзгөчө кырдаалдарга чара көрүүдө мектептин Жарандык коргонуу комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ата-энелер жана жогорку класстын окуучулары менен биргеликте мектептеги өзгөчө кырдаалдын кесепеттери жөнүндө маалымат топтоо максатында, билим берүүнүн биринчи кезектеги муктаждыктарын, анын ичинде мектепке окуучулардын баруу деңгээлин, орун которгон балдардын санын, бузулган жана талкаланган окуу бөлмөлөрүнүн санын, орун которгон мугалимдердин санын, окуу материалдарынын, мектеп эмеректеринин жана башкалардын эсебин жана абалын ж.б. баалоону жүргүзөт. Баалоону жүргүзүү учурунда, катышуучулардын ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч болбогон шартта гана жүргүзүү керектигин билүү зарыл.

Өзгөчө кырдаал жана кырсык шартында билим берүү чөйрөсүнүн иштөөгө даярдыгынын кепилдиги башка: саламаттыкты сактоо, суу менен камсыз кылуу, коргоо, санитария жана тамак-аш сыяктуу секторлор менен бирге көрүлгөн чаралар менен берилет.

Биринчи кезектеги малыматтарды чогултуу, болгон көйгөйлөрдү аныктоо, кызыктар тараптарга жеткирүү жана алар менен биргеликте чечимдерди кабыл алуу менен чектелиши керек. Кырдаалдын өзгөрүүсүнө жараша биринчи кезектеги баалоонун маалыматтары үзгүлтүксүз жаңыланып турат.

Биринчи кезектеги муктаждыктарды баалоо сапаттуу билим берүүгө тоскоолдук көрсөтүүчү жана окуучулардын ден соолугуна, коопсуздугуна таасир тийгизүүчү факторлорду эске алып жана ичине мектеп инфраструктурасы, саламаттыкты сактоо, гигиена жана санитария, жаш курагы, жынысы, дини, улуту, ВИЧ жана СПИДге ж.б. менен байланышкан тобокелдик маселелерин камтышы керек.

Баалоо мектепте балдарга жана мектеп кызматкерлерине коопсуз, коргой турган чөйрөнү түзүү үчүн инвестицияланып жаткан каражаттардын көлөмүн аныктоого жардам берет. Бул этапта иш-аракеттердин координациясы жана үй-бүлө, жергиликтүү жамаат, донордук уюмдар ж.б.у.с. уюмдар менен кызматташуу маанилүү болот.

***Эскертүү:*** *ӨК шартында биринчи кезектеги билим берүү муктаждыктарын баалоонун үлгүсү Тиркеме 18де.*

## 7. ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР УЧУРУНДА МЕКТЕПТЕ БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРА КӨРҮҮНҮ ЖАНА ИШ-ЧАРАЛАРДЫ ПЛАНДАШТЫРУУ

Мектепте биринчи кезектеги билим берүү муктаждыктарын талдоо ӨК учурунда же андан кийин мектепте билим берүү процессин калыбына келтирүү жана иш-чараларды пландаштыруу үчүн зарыл болгон негизги маалымат булагы болуп эсептелет. Мектепте толук билим берүү процессин калыбына келтиргенге чейин жер-жерлерде шарттар өзгөргөнүнө байланыштуу иш-чаралар планы дайыма каралып, жаңыланып туруусу керек. Маалыматтарды талдоо өзгөчө кырдаалдар шартындагы бардык балдар тобун билим алуу укугу менен камсыздоодо билим берүү потенциалын, ресурстарын, аярлуу жерлерин жана аны планда көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Чара көрүү боюнча төмөнкү компоненттер сунушталат:

*• эгерде мектеп имараты жапа чеккен, бирок пайдаланууга жарактуу болсо, мектеп имаратын оңдоо. Бузулганына жараша мектепти калыбына келтирүү үчүн мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдары менен мисалы: КР Мамкурулуш жана анын аймактык түзүмдүк бөлүктөрү, облустук башкармалыктары, айыл өкмөттөр сыяктуу органдар менен биргеликте пландаштыруу;*
*• эгерде имарат жапа чеккен жана пайдаланууга жараксыз болсо, убактылуу имараттарды уюштуруу;*
*• мектеп эмеректери, китептер, окутуу-методикалык материалдар, спорт шаймандары ж.б.у.с. түрүндө материалдык-техникалык жактан жабдуу;*
*• төмөндөкү сыяктуу темалар боюнча, тынчтыкты куруу, көп маданияттуулук боюнча билим берүү, ден соолукту коргоо жөнүндө агартуу иштери, ВИЧ-СПИД, чыр-чатактарды чечүү, социалдык жардам берүү ж.б.у.с. мугалимдерди мобилизациялоо жана даярдоо;*
*• окуу процессин өзгөчө кырдаалдарга ыңгайлаштыруу (окуу процессинин ченемдерин, алмашууларды (смендерин), класста окуган балдардын санын өзгөртүү, окутуунун альтернативдүү ыкмаларын колдонуу жана башкалар).*
*• окуучулардын жашын жана психика-эмоциялык абалын эске алуу менен билим берүү жана окутуу;*
*• психосоциалдык жардам көрсөтүү. Эгерде мектептер штатында социалдык мугалимдер, психологдор болсо жана мугалимдер стресс жана психологиялык травма алган окуучуларга психосоциалдык жардам берүүсү, ал эми өтө татаал шарттарда окуучуларды башка кууш багыттагы адистерге жөнөтүү ж.б.*
*• билим берүү процессине кайтуу.*

Жогоруда эскертилген компоненттерди киргизүү комплекстүү базалык кызматтарга жеткиликтүүлүктү камсыздайт. Өткөрүлгөн иш-чаралар балага жана балдардын мектептеги негизги керектөөлөрүн канааттандырган коопсуз чөйрөнү уюштурууга багытталат.

***Эскертүү:*** *Өзгөчө кырдаалдарда билим берүүнү камсыз кылуу боюнча мониторинг жүргүзүүнүн жана иш-чараларды пландаштыруунун үлгүсү Тиркеме 19да.*

## 8. ПСИХОСОЦИАЛДЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ

Күтүлбөгөн кырсык шартында балдар ар түрдүү психологиялык мүнөздөгү жаракаттарды алышы мүмкүн, алар баланын психологиялык, когнитивдик жана эмоциялык өнүгүүсүнө жаман таасирин тийгизиши мүмкүн. ӨК учурунда балдардын жакын бир туугандарынан айрылышы, жасалып жаткан зордук-зомбулук аракеттеринин катышуучусу же күбөсү болушу, жаракат алышы, коркуу сезимин сезип, айласыздан, ачкачылыктан кыйналып, өз үйүн таштап кетүүгө мажбур болуу ж.б.у.с. абалда калышы мүмкүн. Чыр-чатак же кырсык тилкесинде болгон бардык балдарда психологиялык жабыркоонун белгилери пайда болушу абзел, бирок реакция деңгээли түрдүүчө байкалышы мүмкүн. Кээ бир балдар социалдык, эмоционалдык жана физикалык кесепеттерин өз алдынча жоюуга күчтөрү жетет, ал эми башка балдарга жашына, физикалык, психологиялык өзгөчөлүгүнө жараша кошумча жардам талап кылынышы мүмкүн.

Психосоциалдык колдоо[11] көрсөтүү үчүн иш-чараларды пландаштыруу максатта үй-бүлөдө, коомдо окуучунун эмоционалдык жана психологиялык абалына терс таасир тийгизүүчү себептерди аныктоо зарыл. Андай себептерге төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

[11] Булактар: http://www.who.int/mental_health/emergencies/what_humanitarian_health_actors_should_know_russian.pdf

• *социалдык мүнөздөгү буга чейин болгон жана ӨК кийин күчөп кетиши мүмкүн көйгөйлөр (жакырчылык, турак-жайдын жоктугу, тамакка тойбостук, жетимдик, эксплуатациялоо, жашына, жынысына, улутуна, динине, дартына, ВИЧ-статусуна ж.б.у.с. факторлорго байланыштуу басмырлоо дискриминациялоо );*
• *өзгөчө кырдаалдардан келип чыккан социалдык мүнөздөгү көйгөйлөр (үй-бүлөдөн ажырап калуу, жакын туугандарын жоготуу, жашоо булагынын бузулуусу, социалдык стигматизация, социалдык байланыштардын үзүлүшү, эксплуатациялоо, уурдалуу ж.б.);*

Буга байланыштуу мугалимдер жана мектеп администрациясы, психосоциалдык абалын колдоо үчүн чечкиндүү маанидеги, психологиялык жабыркоонун белгилерин убагында байкап жана тийиштүү чараларды көрүү өтө маанилүү. Аталган чараларга төмөнкү компоненттерди кошууга болот:

• *жеткиликтүү билим берүүнү камсыздоого колдоо көрсөтүү;*
• *мектептеги психологдорду, мугалимдерди, ата-энелерди психологиялык жардам көрсөтүүгө жана стрессти аныктоого окутуу;*
• *кеңеш берүү кызматын көрсөтүү;*
• *балдар менен достук жана камкор мамилелерди түзө алган мугалимдерди тартуу;*
• *балдарда өзүн социалдык жактан интеграциялангандыгын сезүү үчүн коопсуз жана балдарга достук мамиледеги окуу шарттарын түзүү;*
• *балдарга салттуу кам көрүү тажрыйбаларын калыбына келтирүү;*
• *формалдуу жана формалдуу эмес окутууну колдонуу;*
• *топтук жана жалпы мектептик иш-аракеттерди уюштуруу жана өткөрүү ж.б.*
• *билим берүүдө жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоого колдоо көрсөтүү;*

Мектеп кызматкерлеринин жана балдарды психологиялык даярдоо психолог-адистер менен өткөрүлүшү керек. Көпчүлүк мектептерде стресске кабылган балдардын абалын мугалимдер менен биргеликте аныктаган, аларга жардам көрсөтө алган же болбосо өтө оор учурларда кууш адистерге жөнөтө турган социалдык педагог бар. Эгер мектептеги социалдык педагогдордун жана мугалимдердин потенциалы психологиялык жардамды өз алдынча көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бербесе, анда алар үчүн окуучуларга психологиялык жардам көрсөтүү боюнча тренингдерди өткөрүү зарыл.

Мектептин кызматкерлерине тренинг өткөрүү үчүн психологдорду, социалдык кызматкерлерди, психотерапевттерди тартуу керек. Мектеп мугалимдеринин көпчүлүгүнүн окуудан өтүүсү артыкчылык катары саналат. Эгерде андай мүмкүнчүлүк жок болсо, анда билим алган мугалимдер өз билимин бирге иштешкендердин арасында жайылтуусуна көңүл буруу керек.

Окутуу программасына кошууга мүмкүн боло турган бир катар темалар бар[12]: стресс жана анын кесепеттери;

• *стресстин себептери;*
• *стрессти кантип аныктаса болот;*
• *балдардын турмушунда мектептин ролу;*
• *позитивдүү жана балдарга достук мамиледеги чөйрөнү уюштуруу;*
• *окуучулардын, мугалимдердин жана ата-энелердин арасында позитивдүү мамилени түзүү;*
• *психосоциалдык колдоо көрсөтүүгө багытталган чөйрөнү уюштуруу;*
• *кайрылууга мүмкүн болгон кууш адистер;*
• *бат кездешүүчү көйгөйлөр жана аларды жоюу жолдору;*

[12] Источники: http://www.wartrauma.nl/sites/default/files/Helping_Hands_RUS.pdf

*• психологиялык жаракат же стресске кабылган балдардын эффективдүү интеграциясы үчүн оюндардын, бош убакытты өткөрүүнүн, формалдуу жана формалдуу эмес окутуунун ролу;*
*• мектепте психосоциалдык колдоо көрсөтүүдө иш-чараларды пландаштыруу ж.б.*

Балдарга психосоциалдык колдоо көрсөтүү үчүн мектеп администрациясы атайын бөлмө уюштуруп, ар түрдүү иш-аракеттерди өткөрүүгө балдарды формалдуу эмес социализациялоо жана интеграциялоо үчүн керектүү материалдар менен жабдуусу зарыл[13]:

*• сюжетке ылайык ролдук оюндар аймагы (куурчактар, үй куурчак театры, оюнчук унаалар, эмеректер, идиш аяктар, жумшак оюнчуктар ж.б.),*
*• конструкция ишмердүүлүгү аймагы (мозаика, конструкторлор, тигүүчү шаймандар, үйлөрдү, эмеректерди, унааларды конструкциялоо),*
*• көркөм чыгармачылык аймагы (боёктор, мальберттер, калемдер, пластилиндер ж.б.),*
*• спорт аймагы (топтор, тренажерлор, обручтар, кургак бассейн, швед дубалы, кол теннис столдору ж.б.),*
*• релаксация аймагы (жаздыктар, килемчелер, музыкалык аппараттар, аквариум ж.б.),*
*• агрессияны жоюу аймагы (бокс тайпасы, кол каптар, үйлөмө кылычтар, оюнчук союлдар ж.б.).*

Баланын ар түрдүү аймактарда иштеши ага психологиялык колдоону жана социалдык жактан калыбына келүүгө жардам берет. Жаш балдар менен чоң кишилерге толгон жаңы бөлмөгө көнүү, биргеликтүү иш-аракетти колдоо психологиялык жаракаттын негизинде жаралган баарлашуу көйгөйүн жана коркуу сезимин жоюуга жардам берет. Топтордо, жуптардын биргелешип аракеттенүүсүнүн натыйжасында билүү, түшүнүү, башкалардын сезимдерин жана ой-пикирлерин урматтоо, башкалардын эмоциялык жана жүрүм-турум кылыктарына чыдамкайлык менен мамиле кылуу, өзүнө жана башкаларга ишенүү, ошондой эле жеке лидерлик тажрыйбаны алуу сапаттары өркүндөйт.

Мугалимдерди, психологдорду, ата-энелерди психологиялык жактан калыбына келтирүүнүн негизги звеносу катары психосоциалдык жардам көрсөтүү болуп эсептелинет.

Алардын психологиялык абалынан маанилүү деңгээлде балдардын абалы көз каранды. Мындай жардамды аларга адистер менен кеңеш алуу, бири-бири менен баарлашуу, ийгиликтүү тажрыйбалар менен алмашуу, өзгөчө кырдаалдарда жабыркаган балдар менен иштөө жолдорунун өзгөчөлүгүнө үйрөтүү аркылуу медициналык мекемелер бере алышат.

Психологиялык жаракат алган балдарды жана өспүрүмдөрдү калыбына келтирүү узак мөөнөттү талап кылгандыктан, психосоциалдык колдоо көрсөтүүнүн эффективдүүлүгүнүн маанилүү шарты болуп психологдордун, мугалимдердин жана ата-энелердин системалуу түрдө иш жүргүзүүсү эсептелинет.

***Эскертүү:*** *Окуучулардагы стрессти аныктоого баалоо жүргүзүүнүн үлгүсү. Тиркеме 20да.*

---

[13] Булактар: А.Л.Венгер, Е.И. Морозова, В.А.Морозов. Өзгөчө кыраалдар учурунда балдарга жана өспүрүмдөргө психологиялык жардам көрсөтүү. Москва психотерапевттик журнал, 2006-ж, №1.

## 9. МОНИТОРИНГ

Мониторинг минималдык стандарттардын өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча мекемелер аралык тармактын маанилүү элементи болуп эсептелет [14], себеби ал бул стандарттарды колдонуудагы өзгөрүүлөрдү баалоого көмөк көрсөтөт.

ӨК шартында билим берүү чөйрөсүндөгү мониторинг билим берүү сапатын жогорку деңгээлге жеткирүү максатында, билим берүү процессинин иштешин жүзөгө ашырууну жана анын абалына дайыма байкоо жүргүзүүнү, аракеттеги мамлекеттик стандарттарды, отчет системасын өркүндөтүү, ӨК кесепеттерин жеңилдетүү жана билим берүү процессинин калыбына келиши үчүн жүргүзүлүп жаткан иштерге дайыма байкоо жүргүзүүнү алдын ала карайт.

Мониторинг калктын муктаждыктарын канааттандыруу үчүн өзгөчө кырдаалдар учурунда билим берүү процессин камсыз кылуу жана калыбына келтирүү боюнча иш-чаралардын сапатын жогорулатат.

Мектеп денгээлинде мониторинг жүргүзүү өзгөчө кырдаалдар учурунда билим берүү процессин калыбына келтирүү боюнча чара жана иш-чаралардын компоненттеринин аткарылуусундагы прогрессин көзөмөлдөөнү өз ичине камтыйт. ЖК боюнча мониторинг Жарандык коргонуу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт. Пандаштырылган билим берүү процессин өз калыбына келтирүү боюнча иш-чаралардын санына жараша мониторинг жүргүзүүнүн жыштыгы жана мөөнөтү Жарандык коргонуу комиссиясынын отурумунда аныкталат. Анын максаты прогрессти, жетишпегендиктерди жана аларды чечүү жолдорун аныктоо болуп эсептелинет.

[14] Өзгөчө кырдаалдарда билим берүү маселелери боюнча мекемелер аралык тармак Минимал стандарттарды – бул глобалдуу тармак болуп эсептелет, бул тармактын мүчөлөрү өзгөчө кырдаалдарда жана кризистен кийин калыбына келтирүү маалында ар бир адамга билим берүү укугун камсыздоо максатында гуманитардык жардам көрсөтүшөт. Тармактын жумуш тобу минималдык стандарттардын глобалдык деңгээлде колдонуусуна көмөктөшөт.

**Тиркемелердин тизмеси:**

*( бардык төмөндөгү берилген тиркемелер, ошондой эле башка пайдалуу документтер жана адабияттар ыңгайлуулук үчүн дискке жазылып берилген Колдонмого кошо берилет)*

| | |
|---|---|
| Тиркеме 1 | *Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн Структуралык схемасынын үлгүсү* |
| Тиркеме *2* | *Мектептин Жарандык коргонуу боюнча Комиссиясынын курамынын, милдетинин, негизги функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын үлгүсү* |
| Тиркеме *3* | *«Жаш куткаруучу» отряды жөнүндө Жобо.* |
| Тиркеме *4* | *«Жаш куткаруучу» ыктыярдуу отрядынын Уставы.* |
| Тиркеме 5 | *Мектептин коопсуздук паспортунун үлгүсү* |
| Тиркеме 6 | *Мектепке болгон негизги коркунучтарды аныктоонун натыйжаларынын Таблицасынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 7 | *Мектептин негизги коркунучтарга аярлуулугун аныктоонун натыйжаларынын Таблицасынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 8 | *Кырсыктардын тобокелдигин аныктоонун натыйжаларынын таблицасынын жана мектепке болгон кырсыктардын тобокелдик Матрицасынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 9 | *Мектепке болгон кырсыктардын тобокелдигин аныктоо План-схемасынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 10 | *Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча иш-чаралар Планынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 11 | *Жарандык коргонуу Планынын түзүлүшүнүн үлгүсү.* |
| Тиркеме 12 | *Мектептин эрте кабарландыруу Системасынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 13 | *Мектепти эвакуациялоо Планынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 14 | *Кырсыктардын тобокелдигин азайтуу боюнча структуралык эмес ыкмалардын үлгүлөрү.* |
| Тиркеме 15 | *Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга инфраструктураны ыңгайлаштыруу боюнча чараларды пландаштыруунун үлгүсү.* |
| Тиркеме 16 | *«Жарандык коргонуу Күнүн» даярдоо жана өткөрүү Планынын үлгүсү.* |
| Тиркеме 17 | *Өзгөчө кырдаалдар учурунда жана өзгөчө кырдаалдардан кийин калктын аярлуу катмарларына билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк берүүнү камсыз кылуу боюнча минималдык чаралардын үлгүсү.* |
| Тиркеме 18 | *Билим берүүнүн биринчи кезектеги муктаждыктарын баалоонун үлгүсү.* |
| Тиркеме 19 | *Өзгөчө кырдаалда билим берүүнү камсыз кылуу боюнча мониторинг жүргүзүү жана иш чараларды пландаштыруунун үлгүсү.* |
| Тиркеме 20 | *Окуучуларда стрессти аныктоону баалоонун үлгүсү.* |

**Колдонулган документтердин жана адабияттардын тизмеси:**


1. Кыргыз Республикасынын «Балдар жөнүндө» Кодекси, 2012.

2. Кыргыз Республикасынын «Жарандык коргоо жөнүндө» мыйзамы, 20-июль 2009-ж., № 239.

3. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, 30-апрель 2003-ж., № 92.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, «2020-жылга чейин өзгөчө кырдаалдар учурунда Кыргыз Республикасынын калкынын жана аймагынын комплекстүү коопсуздугунун Стратегиясын жана Концепциясын тастыктоо жөнүндө», 2-июнь 2012-ж., № 357.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, 17-ноябрь 2011-ж. № 733, «Кыргыз Республикасында өзгөчө кырдаалдарды классификациялоо жана аларды баалоо критерийлери».

6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому, «Жарандык коргонуу комиссиясынын типтүү абалын тастыктоо жөнүндө», 3-март 2014-ж., № 113.

7. «Кыргыз Республикасынын аймагындагы кооптуу кубулуштарга божомол жүргүзүү жана аларга даярдануу», КР ӨКМ, 2014-ж.

8. «Кыргызстандын билим берүү жана мектепке чейинки мекемелеринде коопсуздукту баалоо методологиялары», ЮНИСЕФ, 2012-ж.

9. Терминологиялык Глоссарий UNISDR – 2009 ж./ Билим берүүнүн минималдык стандарттары: даярдык, программа, калыбына келүү. 2-чыгарылышы, INEE-МСОЧС, 2010-ж.

10. Сфера долбоору. Гуманитардык жардам көрсөтүүдөгү гуманитардык Хартия жана минимал стандарттар. Үчүнчү чыгарылышы, 2011-ж.

11. Билим берүүнүн минималдык стандарттары: даярдык, программа, калыбына келтирүү. 2-чыгарылышы, орус тилиндеги котормосу, INEE-МСОЧС, 2010-ж.

2. Холли Янг. Мектепте жана мектептен тышкары жардам көрсөтүүгө сунулган кол. Мугалимдерге, ата-энелерге, балдарга психосоциалдык программаларды чыр-чатактан кийинки кырдаалдарда өткөрүү боюнча колдонмо, басылып чыгарылган жери Rotterdam Media Center; Rotterdam, the Netherlands.

12. Юл У., Уильямс Р.М. Масшабдуу катастрофалардын кесепетинен жаралган психикалык травмаларда киришүү. Балдар жана өспүрүмдөр психотерапиясы. / Д.А. Лейна, Э. Миллера редакциясы астында. – СПб.: Питер, 2001-ж.


13. Гуманитардык мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарда психикалык ден соолук жана психосоциалдык жардам: Саламаттыкты сактоо уюмдары эмнени билиши керек? IASC Reference Group for Mental Health and Psychosocial Support in Emergency Settings, 2010-ж.

14. А.Л.Венгер, Е.И. Морозова, В.А.Морозов. Өзгөчө кырдаалдар учурунда балдарга жана өспүрүмдөргө психологиялык жардам көрсөтүү. Москва психотерапевттик журналы, 2006-ж., № 1.

Кырсыктардын  тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча чараларды уюштуруунун жана өткөрүүнүн
Структуралык схемасы

**Тиркеме 1**

*ҮЛГҮ*



**Тиркеме 2**

*Мектептин Жарандык коргонуу боюнча Комиссиясынын курамынын, милдетинин, негизги функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын үлгүсү*

**«Бекитилди»**

Мүдүрдүн – мектептин Жарандык коргонуусунун жетекчисинин
«___» __________________ 20__-ж. №____
буйругу менен

**Мектептин Жарандык коргонуу боюнча комиссиясынын Курамы**

| №№ | Өкүлчүлүк | Кызмат орду | Аты-жөнү |
|---|---|---|---|
| 1 | Комиссиянын төрагасы | Мүдүр – мектептин Жарандык коргонуусунун жетекчиси | |
| 2 | Комиссиянын төрагасынын орун басары | Мектеп мүдүрүнүн орун басары | |
| 3 | Комиссиянын төрагасынын орун басары | Окуучу | |
| 4 | Комиссиянын мүчөсү | Мугалим | |
| 5 | Комиссиянын мүчөсү | Мугалим | |
| 6 | Комиссиянын мүчөсү | Мугалим | |
| 7 | Комиссиянын мүчөсү | Мугалим | |
| 8 | Комиссиянын мүчөсү | Мектеп кызматкери | |
| 9 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 10 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 11 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 12 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 13 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 14 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 15 | Комиссиянын мүчөсү | Окуучу | |
| 16 | Комиссиянын мүчөсү | Ата-энелер комитетинин өкүлү | |
| 17 | Комиссиянын мүчөсү | Ата-энелер комитетинин өкүлү | |

**Мектептин Жарандык коргонуу комиссиясы мектептин башкаруу уюму болуп саналат жана мектептеги кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө арналган.**

**Мектептин Жарандык коргонуу боюнча комиссиясынын негизги функциялары:**

- *Комиссиянын мүчөлөрү КР ӨКМ өкүлдөрүнүн жардамы менен бирге мектепке болгон коркунучтарды жана аярлуулугун картага түшүрүү, кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана өзгөчө кырдаалдардын коркунучунда жана пайда болуу учурунда мектептин туруктуу иштөөсү боюнча чараларды уюштуруу жана өткөрүү;*
- *балдар жана калктын ортосунда кырсыктардын тобокелдигин азайтуу жана Жарандык коргонуу маселелери боюнча мектептин кызматчыларына жана калкка колдон келе турган жардам көрсөтүүгө арналган эң эле жөнөкөй ыкмаларды жайылтуу жана жогорулатуу үчүн жаш куткаруучулардын, жаш өрт өчүрүүчүлөрдүн, жаш санитарлардын мектеп түзүүлөрүн түзүү;*
- *Мектептин кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу пландарын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;*
- *өз кызматчыларын жана окуучуларын өзгөчө кырдаалдар жаралган учурда жүрүм-турум эрежелерине жана коргонуу жолдоруна окутуу;*

*• өрт өчүрүүчү, эрте кабарландыруу жана маалымдандыруу, биринчи жардам көрсөтүү үчүн керектүү куралдары менен камсыз болуп, аларды даярдыкта кармап туруу;*
*• мектептин аймагында же ага жакын жерде өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу коркунучу жөнүндө же жаралган учурда балдарды, мектептин кызматчыларын, жергиликтүү мамлекеттик башкармалыкты, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын жана калкты (ата-энелерди) кечиктирбестен кабарландыруу;*
*• балдарды кооптуу тилкелерден эвакуациялоо, муктаж болгондорго биринчи жардам көрсөтүү, Жарандык коргонуунун профессионалдуу күчтөрүнө кырсыктан куткаруу жана башка шашылыш иштерде жана дагы өзгөчө кырдаалдарда билим берүү процессин калыбына келтирүүдө колдон келген жардам берүү менен мектептин аймагындагы өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу боюнча чараларды көрүү.*

**Жарандык коргонуу боюнча Комиссиясынын ыйгарым укуктары:**

*• менчик түрүнө карабастан мамлекеттик, ошондой эле жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу уюмдардан, жергиликтүү мамлекеттик башкармалыктардан, уюмдардан, ишканалардан жана мекемелерден кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча чараларды уюштурууга керектүү маалыматтарды суроо;*
*• кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу чөйрөсүндө бардык окуучулар жана мектеп кызматчылары милдеттүү түрдө аткара турган чечимдерди кабыл алуу;*
*• өз отурумдарында кырсык тобокелин азайтуу, Жарандык коргонуу пландарын ишке ашыруу маселелерин угуу жана тиешелүү чечимдерди кабыл алуу;*
*• зарыл болсо, мектеп кызматчыларынан, жогорку класстын окуучуларынан, ата-энелерден турган кырсык тобокелин азайтуу жана жаралган өзгөчө кырдаалдар боюнча ыкчам чечим кабыл алуу үчүн жумушчу топторду түзүү ;*
*• Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү мыйзамдарын аткарбагандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактарды жоопкерчиликке тартуу боюнча тиешелүү мамлекеттик органдардын кароосуна сунуштарды киргизүү;*
*• Өзгөчө кырдаалдын кесепетинен жабыркаган жарандарга (балдарга жана мектеп кызматчыларына) бардык түрдөгү финансылык жана материалдык каражаттарды бөлүп берүү үчүн тизме түзүү тууралуу чечимдерди кабыл алууга катышуу;*
*• Жарандык коргонуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик уюмунун тапшырмасына ылайык чечимдерди кабыл алуу.*

**Тиркеме 3**

## “Жаш куткаруучу” отряды жөнүндө
## ЖОБО

### I. Жалпы жобо

1.1. Бул жобо “Жаш куткаруучу” отрядынын түзүлүү тартибин, ишмердүүлүгүн уюштурууну, ишмердүүлүктү аткаруу шарттарын, маселесин, мүчөлөрүнүн укуктарын жана милдеттерин аныктайт.

1.2. Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

**«Жаш куткаруучу»** отряды - Жободо каралган ишмердүүлүктү ишке ашыруучу балдар бирикмеси;

**Жаш куткаруучулар -** өз ыктыяры менен отряддын ишмердүүлүгүнө катышкан мектеп жашындагы балдар (14-17 жаштагы)

**Кырсык куткаруу иштери (ККИ)** – адамдарды, материалдык жана маданият баалуулуктарын куткарууга жасалган аракеттер, өзгөчө кырдаал аймагынын жаратылышын коргоо, өзгөчө кырдаалды локализациялоо жана аларга мүнөздүү болгон коркунучтуу факторлордун таасирин басуу же минималдуу деңгээлге түшүрүү.

**Өзгөчө кырдаалдар (ӨК)** – бул кандайдыр бир аймакта, кандайдыр бир кырсыктын кесепетинен, коркунучтуу табигый кубулуштан, катастрофадан, күтүлбөгөн же башка кырсыктын кесепетинен адам өлүмүнө алып келүүчү же келген, ошондой эле адамдын ден соолугуна жана курчап турган чөйрөгө зыян келтирген, олуттуу материалдык жоготууларга учураткан жана адам ишмердүүлүгүнүн бузулушун шарттаган кубулуш.

**Коопсуздук** – аны ишке ашыруунун натыйжасында бирөөгө карата жагымсыз кесепеттерди пайда кылбаган, кандайдыр бир тобокелдин жоктугу.

**Табигый кырсык** – анын натыйжасында адам өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч мүмкүнчүлүгү пайда болуучу же коркунуч туудуруучу, материалдык баалуулуктардын курчап турган чөйрөнүн компоненттеринин кыйрашы жана жоголуу шартын түзгөн кыйратуучу табигый жана (же) табигый-антропогендик кубулуш.

1.3. «Жаш куткаруучу» отряды окуучуларга тарбия берүүнү өркүндөтүү максатында өз ара жардам көрсөтүү, айкөлдүк, адамдарга жана жаратылышка болгон сүйүү, жеке жана жамааттык коопсуздукка тартуу принциптеринин негизинде түзүлгөн.

1.4. Отряддын ишмердүүлүгү администрация тарабынан дайындалган жетекчи менен координацияланат.

### II. Отряддын негизги маселелери

2.1.Окуучуларды жеке жана жамааттык коопсуздук маселелерине тартуу.

2.2. Ар кандай өзгөчө кырдаалда билгичтик менен тез өзүнө жана башкаларга жардам көрсөтүү аракеттеринин практикалык ыкмаларына үйрөтүү.

2.3. Жеке жана жамааттык коргонуу каражаттары менен колдонуу билгичтигинин практикалык ыкмаларына үйрөтүү.

2.4. Физикалык даярдыгын жакшыртуу жана окуучуларды сергек жашоого тартуу.

2.5. Тематикалык көргөзмөлөргө, кароолорго, конкурстарга жана аскердик-спорттук оюндарга катышуу.

2.6. Тематикалык конкурстарды, олимпиадаларды, викториналарды, слетторду өткөрүү.

**III. «Жаш куткаруучу» отрядынын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана түзүү тартиби**

3.1 Отряддын саны 15 кишиден кем эмес болушу керек.

3.2. Отряддын жалпы чогулушунда шайланган командир отрядды башкарат.

3.3. Командирди, звено командирлерин кайра шайлоо отряддын жалпы чогулушунда ишке ашырылат.

**IV. Отряддын ишин жетектөө**

4.1. Мектеп администрациясы менен дайындалган отряд жетекчиси методикалык, кеңеш берүү жана уюштуруу ишин алып барат.

4.2. Отряддын иш тажрыйбасын жалпылайт.

4.3. ӨК алдын алуу иш-чараларын даярдоодо жана өткөрүүдө катышат.

4.4. Кароо-конкурстарынын, викториналардын жана мелдештердин программаларын иштеп чыгат, ошондой эле жогоруда аталган иш-чараларды уюштуруп өткөрөт.

**V. Отряддын укуктары жана милдеттери**

5.1. Жаш куткаруучулар укуктуу:

5.1.1. Кароолорго, конкурстарга, мелдештерге, чогулуштарга, жөө жүрүштөргө катышууга.

5.1.2. Мектептин администрациясы тараптан сыйланууга.

5.2. Жаш куткаруучулар милдеттүү:

5.2.2. Мектептин ӨК жоюу боюнча ишмердүүлүгүнө активдүү катышууга;

5.2.3. ӨК коопсуздугу маселеси боюнча өзүлөрүнүн билимин өркүндөтүүгө.

**VI. Отряд окуучуларынын билүүсү зарыл:**

6.1. Региондун авария, катастрофа жана кырсыктарынын спецификасын, алардын кыйратуучу факторлорун жана кесепеттерин;

6.2 . Ар кандай ӨК учурунда ККИ жүргүзүү тартибин жана уюштуруу принцибин;

6.3. Өз милдеттерин жана укуктарын;

6.4. Ар кандай шартта жабыркагандарды издөө, алып чыгуу жана жөнөтүү ыкмаларын;

6.5. Дарыгерге чейинки жардам көрсөтүү ыкмаларын;

6.6. Сөөк сынган учурда дарыгерге чейинки жардам көрсөтүүнүн өзгөчөлүктөрү;

6.7. Сыныктын ар кандай түрүнөн жабыркагандарды бир жерден башка жерге которуу жана жөнөтүү;

6.8. Дарыгерге чейинки жардам көрсөтүү үчүн колдонулуучу каражаттар;

6.9. Өзүн камсыздоо жана камсыздоо ыкмалары.

**VII. Окуучулар жасай алышы керек:**

Жабыркагандарга дарыгерге чейинки жардам көрсөткөндү;

Компас жана карта менен иштегенди, сутканын ар кандай мезгилинде түрдүү аба ырайы шартында.

**VIII. Отряд окуучуларынын төмөнкүлөр жөнүндө түшүнүгү болушу керек:**

8.1. Жаратылыш жана техногендик мүнөздөгү ар кандай ӨК ККИ жүргүзүү жөнүндө;

8.2. Региондун жаратылыш кубулуштары жөнүндө;

8.3. Өрт – өрттөнүү процесси жана анын күчөшү жөнүндө;

8.4. Ар кандай категориядагы жана түрдүү объекттердеги өрттү өчүрүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө;

8.5. Психологиялык билимдин негиздери жана ӨК адамдын жүрүм-туруму жөнүндө.

**Тиркеме 4**

| | |
|---|---|
| “Бекитилди”<br>Кыргыз Республикасынын<br>Өзгөчө кырдаалдар<br>министрлиги<br>20 ____-ж. “___” _________<br>№_________ | “Бекитилди”<br>Кыргыз Республикасынын<br>Билим берүү жана илим<br>министрлиги<br>20____-ж. “____”_________<br>№_________ |

**«Жаш куткаруучу» ыктыярдуу отрядынын**
**Уставы**

**1**. Отряд зыян жана табигый, техногендик, экологиялык, биолого-социалдык жана чыр-чатактуу мүнөздөгү коркунучтуу факторлордун таасир берүү шартында окуучулардын куткаруу коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүгө көмөк көрсөтүүчү ыктыярдуу уюм болуп саналат, социалдык чыгармачылыкты өркүндөтөт.

**2.** Отряд анын мүчөлөрүнүн жеке жана коомдук коопсуздукка аң-сезимдүү жана милдеттүү мамиле жасоо сезимдерин тарбиялоого, ӨК учурунда аракет көрүүнүн практикалык ыкмаларын иштеп чыгууга, экологияга карата жарандык-патриоттук көз караштын жаралышына, сергек жашоого туура кароого, окуучулардын моралдык-психологиялык абалын өркүндөтүүгө багытталат.

**3. Отряддын ишмердүүлүгүнүн максаты:**

• *Окуучулар Кыргыз Республикасынын жоопкерчиликтүү жарандары катары жаштардын толук интеллектуалдык, экологиялык, коомдук жана руханий потенциалына жетишүүсүн өркүндөтүүгө көмөк көрсөтүү;*
• *Окуучуларды эмгекчилдик, чыгармачыл ой жүгүртүү, материалдык баалуулуктарга аяр мамиле жасоо сапаттарына көндүрүү;*
• *Жөндөмдүүлүктөрүн жана таланттарын өстүрүү жана өркүндөтүү;*
• *Окуучуларда экологиялык маданият жана жалпы физикалык өнүгүү, ӨК учурунда өзүн туура алып жүрүүгө тарбиялоо.*

**4. Негизги маселелер:**

• *Окуучуларды жеке жана жамааттык коопсуздук маселелерине тартуу;*
• *Ар кандай өзгөчө кырдаалдарда билгичтик жана тез аракеттер менен жеке жана өз ара жардам көрсөтүү практикалык ыкмаларына окутуу;*
• *Жеке жана жамааттык коргонуу каражаттары менен колдонуу практикалык ыкмаларына окутуу ;*
• *Физикалык даярдыкты жакшыртуу жана окуучуларды сергек жашоого тартуу ;*
• *Тематикалык көргөзмөлөрдө, кароолордо, конкурстарда жана аскердик-спорттук иш-чараларды өткөрүүгө катышуу;*
| **Мектепти эрте кабарландыруу түзүлүшү** жетекчилерге, кызматчыларга жана окуучуларга, ата-энелерге, ошондой эле кырсыктык нөөмөттүк-диспетчердик кызматтардын 101, 102, 103, 104, 112 жана башкалар ыкчам кезметтегилери коркунуч же өзгөчө кырдаалдар жөнүндө шашылыш маалымат берүүнү камсыздоого арналган локалдык кабарландыруу түзүлүш объекттеринин эң жөнөкөйлөрүнүн бири болуп саналат. | | Мектептин эрте кабарландыруу түзүлүшүнүн техникалык аткарылышы *(автоматтык өрттөн коргонуучу, электр сиренасы (сигнализация жана өрт же ӨК маалымдоо түзүлүшү)* сыяктуу автоматташтырылган түзүлүштөн жөнөкөй *(катуу үн чыгаргыч, мектеп радиосу, өрт набат-гонг)* техникалык түзүлүшкө чейин болот жана ыйгарым укуктуу уюмунун ӨК чөйрөсүндөгү аймактык бөлүгү менен макулдашуу боюнча, мектептин өзүнүн мүнөздөмөсүн эске алуу менен, болушу мүмкүн кырсык тобокели жана өзгөчө кырдаалдар болуу мүмкүндүгү, ошондой эле балдарды жана кызматкерлерди камсыздоо үчүн керектүү жетишкендик принцибине эске алуу менен түзүлөт. |
| | | |
| Эрте кабарландыруу түзүлүшүн колдонуу боюнча чечимди мектептин мүдүрү, эгерде ал жок болсо анын ордундагы кызмат өкүлү же Жарандык коргонуу комиссиясынын төрагасы чыгарат. | | Кечиктирүүгө мүмкүн эмес учурларда, мектептин эрте кабарландыруу түзүлүшүн колдонуу жөнүндө чечимди кезмет сменасынын (коопсуздук кызматы) жетекчиси кабыл алса болот. |
| **Мектептин эрте кабарландыруу системасын колдонуу учурунда төмөнкүдөй тартип сакталышы керек:** | | |
| 1. Атайын техникалык түзүлүштөрдү чыгаруу менен (сирена, катуу үн чыгаргыч жана башка) "Көңүл бургула!" сигналы берилет, жөнөкөй каражаттар колдонулат. Жарандык коргонуу сигналын билдирген "Көңүл бургула!" ачуу үн чыгарган (өрт набаты) . | | 2. Кызматчылар жана окуучулар аткаруучу аракеттерди көрсөтүү менен, мектеп радиосун, катуу үн чыгаргычты же кабарчыны (мектептин кабарландыруу жана байланыш тобу) колдонуу аркылуу тиешелүү «Кептик маалымат жана команда» берилет. «Кептик маалымат жана командалар» ушул мезгилде каякта болбосун бардык окуучуларга жана кызматчыларга жеткирилишин камсыздоо зарыл. |




**Баарыңыздарды тез жана тартип сактап турган жайыңыздан кетүүңүздөрдү жана сыртка коопсуз жерге чыгууңуздарды суранабыз!**
**Сак болуңуздар!**
**Кичинекейлерди алдыга өткөрүңүздөр!**
**Муктаж болгондорго жардам бериңиздер!**

**маалыматты телефон же чабармандар аркылуу кырсыктык нөөмөттүк-диспетчердик кызматтарынын (101, 102, 103, 104, 112 ж.б.) ыкчам кезметчилерине, ошондой эле балдардын ата-энелерине жеткирүү (кабарландырылат)**



**Тиркеме 13**

*Мектептин эвакуациялоо жана эвакуациялык жолдорун белгилөө Планынын үлгүсү*

## Мектептин эвакуациялоо планы

Мектептеги эвакуациялоо балдарды жана кызматчыларды тартиптүү чыгаруу, ошондой эле, эгерде мүмкүн болсо, өзгөчө кырдаалдар коркунучу учурунда материалдык баалуулуктарды имараттын ичинен сыртка же мектептин аймагынан коопсуз жерге же тилкеге ташуу боюнча комплекс чараларын билдирет.

Бул максатта, эвакуаця жолдору жана чыгуулар каралган, эвакуация тууралуу сигналын кабарлаганда жүрүм-турум тартиби орнотулган, ошондой эле жоопкерчиликтүү кызмат адамдарынын, кызматчылардын жана балдардын аракеттеринин тартиби жана ырааттуулугу, материалдык баалуулуктарды сыртка чыгаруу тартиби каралган эвакуациялоо Планын иштеп чыгуу керек.

Эвакуациялоо планы ичинде адамдар болуучу жана иштөөчү имараттардын жана курулуш жайларынын, коридорлорунун, тепкичтүү марштарынын чиймеси түшүрүлгөн схемаларды түшүндүрөт. Ошол схемаларда эвакуациялоо жолдору, эвакуациялык жана кырсыктык чыкмалар, өрткө каршы жабдуулар турган жерлер, кырсыктык байланыш телефондору, биринчи медициналык жардам берүү каражаттары жана кошумча куткаруу каражаттары шарттуу белгилер (элементтер) менен көрсөтүлгөн.


Эвакуациялоо планында анда колдонулган бардык шарттуу белгилер, ошондой эле өзгөчө (кырсыктык) кырдаалдар шартында адамдардын бекитилген жүрүм-турум эрежелери, алардын аракеттеринин тартиби жана ырааттуулугу чечмеленет. Эвакуациялоо планы кабаттуу, секциялык, локалдык жана жыйынтыкталган (жалпы) болушу мүмкүн.

Негизги эвакуация чыкмаларга алып баруучу эвакуациялык жолдорду жүрүүнүн багытын көрсөтүп жашыл түстөгү туташ сызык менен белгилөө керек. Кырсыктык эвакуациялык чыкмаларга алып баруучу эвакуация жолдорунун жашыл түстөгү майда сызык менен жүрүүнүн багытын көрсөтүүсү менен белгилөө керек. Эвакуациялык жолдордун бардык белгилерин фотолюминисценттүү материалдардын негизинде жасоо керек.

Эвакуациялоо планын түзүү жана эвакуациялык жолдордун белгилерин түшүрүү милдеттүү түрдө техникалык коопсуздук чөрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик уюмунун адистеринин (КР Өкмөтүнүн алдындагы экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча Мамлекеттик инспекциясы) сунуштарынын негизинде ишке ашыруу керек.

«Бекитем»
Директор - мектептин Жарандык коргонуусунун жетекчиси

## Мектептин эвакуациялоо планы




Шарттуу белгилер

- өрт өчүргүч
- эвакуациялоонун негизги жолдору
- эвакуациялоонун беленделген эшиктери
- телефон





**Өзгөчө кырдаалдар коркунучунда жана пайда болгон учурунда жайларды тез жана тартиптүү түрдө калтыруу жана сырткa коопсуз жерге чыгуу**
101, 102, 103, 112, __________ **ТЕЛЕФОНДОРУНА ЧАЛУУ**
башка номерлер

**Мектеп директорунун орун басары**________________________

## Мектепте кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык эмес ыкмалар

Өзгөчө кырдаалдар учурунда, алардан качып кетүүгө мүмкүндүк бар, көптөгөн зыянга кабылта турган, имараттардын, курулуштардын ичиндеги бардык буюмдар, мындайча айтканда структуралык эмес деп аталуучу, адамдын өмүрүнө, ден соолугуна жана коопсуздугуна коркунуч жаратат.

Алар куткарууга жана жардам көрсөтүүгө тоскоол жаратып, чоң экономикалык жоготуулардын себеби болот.

Кырсыкты азайтуу боюнча структуралык эмес чаралардын негизги максаты бул имараттардын, курулуштардын жана түзүлүштөрдүн ичиндеги бардык буюмдар адамдарга коркунуч жаратпай турган шарттарды түзүү. Мындай буюмдарга эмеректер, окуу куралдары, техника, жарык берүүчү жана жылытуучу жабдуулар, түтүктөр ж. б. кирет.

Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралар – бул имараттардын жана курулуштардын физикалык курулушун же капиталдык ремонтун талап кылбаган бардык иш-чаралар.

Мисалы, мектепке тийиштүү кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

• *өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу жана керектүү документтерди иштеп чыгуу учуруна колдонулуучу маалымдоо, окутуу, билим жайылтуу, тажрыйба топтоо, ыкмаларды жана аракеттерди (уюштуруучу, үйрөтүүлөр, машыгуулар) иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу бардык структуралык эмес иш-чаралар;*
• *буюмдардын кулашын же сыйгалануусун жокко чыгаруу максатында бардык структуралык эмес буюмдарды структуралык буюмдарга бекитүү - шкафтарды, китеп текчелерин, класстык тактаны, асылып жана тикесинен турган оор буюмдарды, окуу материалдарын;*
• *кырсыктык чыгмаларга эркин жетүүсүн камсыздоо жана тескеринче, кооптуу жайларга, тилкелерге кирүүсүн алдын ала сактап калуу;*
• *сынуучу буюмдарды сынбай турган буюмдарга алмашуу же аларга жетүүсүн чектөө;*
• *күйүүчү-майлоочу материалдардын, өрткө кооптуу буюмдардын жана суюктуктардын, уулуу жана күчтүү таасир берүүчү препараттардын жана заттардын кармоо жана сактоо ишенимдүүлүгүн камсыздоо;*
• *кооптуу буюмдарды жана тилкелерди атайын, көңүл буруучу тыюучу жана көрсөтүүчү белгилер жана символдор менен маркировкалоо, тескеринче өзгөчө кырдаалдар учурунда мектептин коргоосун жана коопсуздугун камсыз кылуу үчүн арналган буюмдарды жана тилкелерди атайын белгилер жана көрсөткүчтөр менен маркировкалоо.*



Структуралык эмес чараларды мугалимдердин, ата-энелердин күчү, окуучуларды тартуу менен ишке ашырууга болот. Кырсык тобокелин азайтуу боюнча структуралык эмес чаралар, ошондой эле өзгөчө кырдаалдар учурунда эвакуациялоо жана атайын жардам көрсөтүүгө тоскоол жаратуучу эшик кирүүлөрдүн, баскычтардын, тепкичтердин кууштугунан, жарыктын начарлыгынан бир жерден экинчи жерге баруу кыйынчылык туудурган өзгөчө аярлуу, мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдарга өзгөчө муктаждыктарын канааттандыруу үчүн инфраструктуранын ыңгайлаштыруусун да камтыйт.

Ушуга байланыштуу, мектеп имаратындагы мүмкүн болуучу тоскоолдуктарды аныктап жана инфраструктуранын керектүү ыңгайлаштыруусун жүргүзүү зарыл.

**Мектеп имаратындагы буюмдар балдарга жана кызматчыларга коркунуч туудурбаган шарттарды камсыздоонун чаралары жана ыкмалары**


**Буюмдарды бекитүү үчүн эмнени колдонсо болот?**

1. Г- сыяктуу бурчтуктар
2. Чоң нейлон тасма
3. Кууш нейлон тасма
4. Механикалык бекиткичтер
5. Магнит бекиткичтер
6. Бекиткичтер жана курлар
7. Илгичтер
8. Илгичтер жана илмек тасма
9. Жабышкаак материал жана мом
10. Резина килемче







*Ар түрдүү буюмдарды бекитүүнүн негизги ыкмалары*



*Гүлдөрдү бекитүү*






*Өрт тактасы жана корулуу*



*“Көңүл бургула” сигналын берүү үчүн “Өрттүк набат”*






*Дубалдарга, коридорлордун жана тепкичтердин полдоруна жакшы көрүнүүчү жебелерди – эвакуациялоо чыкмаларынын көрсөткүчтөрүн түшүрүү*







*Дубалдарга, коридорлордун жана тепкичтердин полдоруна жакшы көрүнүүчү жебелерди – эвакуациялоо үчүн чыкмаларынын көрсөткүчтөрүн түшүрүү.*




*Жер титирөөдөгү коопсуз жайды маркировкалоо.*




*Жер титирөөдөгү жүрүм-турум эрежелери боюнча такта.*

**Тиркеме 15**

*Мүмкүнчүлүгү чектелген балдарга инфраструктураны адаптациялоо боюнча иш-чараларды пландаштыруунун үлгүсү*

| Аймак | Мүмкүн болуучу тоскоолдуктар | Сунушталган иш-чаралар |
|---|---|---|
| 1. Мектептин имаратында, окуу бөлмөлөрүндө, кошумча чыгуу эшиктеринин кире беришинде, коридор жана окуу бөлмөлөрүндө жүрүү жолдорүн уюштуруу | 1. Баскычтар<br>2. Тепкичтер<br>3. Тар эшик орундары<br>4. Өтүүчү жайлар<br>5. Оор ачылуучу эшиктер<br>6. Жарыктандыруу | 1. Мектеп имаратына кирүүчү жерди тротуардын деңгээли менен теңдеп кайрадан орнотуу;<br>2. Туткалары бар тепкичтерди пайдалануу;<br>3. Пандус орнотуу (пандус – бул майыптардын жана балдардын арабаларын, жүктөрдү жантайма көтөрүү же түшүрүү үчүн тепкичтердин ордуна колдонула турган атайын жолчо);<br>4. Босоголорду 2,5 см жогорулатпай орнотуу;<br>5. Кире бериш жерлерге босогосуз, кең эшиктерди орнотуу;<br>6. Үндүү маяктарды, тактиль маалыматтарды колдонуу;<br>7. Көзү жакшы көрбөгөндөргө тепкичтин башталышы жөнүндө эскертүү үчүн эң төмөнкү тепкичти жана эшиктин алдындагы аянтчаны бир тепкичке терең бөлүгүн карама-каршы түстөр менен белгилөө. Баскычтарды сары жана ак түс менен боёо сунушталат;<br>8. Жамбаш-кашка жилик же тизе муундары ооруган жана көзү жакшы көрбөгөн балдар үчүн тепкичтин башталышынын алдында рельефтүү жана тактилдүү кең тилке орнотулушу керек, фактуранын өзгөрүшү бут менен сезилиш керек;<br>9. Тепкичтерге сыйгаланууга каршы килемчелерди пайдалануу;<br>10. Көзү жакшы көрбөгөн балдарга турган жерин аныктоо үчүн ар түрдүү рельефтерди пайдалануу;<br>11. Жеңил ачылуучу эшиктерден пайдалануу ж.б.у.с.<br>12. Эвакуация жолдоруна кармагычтарды орнотуу;<br>13. Түнүчүндө жарыктык менен камсыз кылуу;<br>14. Коридорлорду, окуу каналарды жарыктык менен камсыз кылуу. |

| Аймак | Мүмкүн болуучу тоскоолдуктар | Сунушталган иш-чаралар |
|---|---|---|
| 2. Таянуу-кыймылдоо аппаратында бузулуулары бар окуучулар үчүн ажатканада мейкиндикти уюштуруу | 1. Эшиктер;<br><br>2. Босоголор;<br><br>3. Кулпулар;<br><br>4. Унитаздын жайгашуусу;<br><br>5. Раковинанын жайгашуусу;<br><br>6. Жарыктандыруу. | 1. Көлөмү 10х10 см болгон «мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн жеткиликтүү» эл аралык сары белгини орнотуу, бул көзү жакшы көрбөгөндөр үчүн өтө керек деп эсептелинет;<br><br><br><br><br>2. **Сыртка ачылуучу эшиктерди жана** күтүүсүз абалда **сырттан ачууга мү**мкүн болгон кулпуларды **орнотуу**;<br><br>3. Босоголорду 2,5 см жогорулатпай орнотуу;<br><br>4. **Эшикти толук ачканда кеңдиги 90 см болгондой кылып орнотуу**;<br><br>5. Ажаткананын туурасын 1,65 м жана узундугун 1,8 м кем эмес болгондой кылып пландаштыруу;<br><br>6. Унитаздан капталдагы дубалга чейинки аралыгын жок дегенде бир жагынан 90 смден кем кылбай пландаштыруу;<br><br>7. Майып арабасынан унитазга орун алмаштыруу үчүн кармагычтарды орнотуу;<br><br>8. Унитазды арабанын стандарттык бийиктигине ылайыктап жерден 45 см аралыкта орнотуу;<br><br>9. Унитазга жакын жерге балдактар үчүн илгичтерди орнотуу;<br><br>10. Шашылыш жардам чакыруу үчүн коңгуроо баскычтарын орнотуу;<br><br>11. Полдун бетине тайгалануу жана жыгылып кетүүдөн сактап кала турган бодуракай материалдан колдонуу;<br><br>12. Бардык түтүктөрдү жана электр зымдарын жашырып орнотуу;<br><br>13. Раковинаны жерден 0,8 м ашуун бийиктикте жана капталындагы дубалдан 0,2 м кем эмес аралыкта орнотуу;<br><br>14.Сапаттуу жарыктандыруу менен камсыз кылуу. |

| Аймак | Мүмкүн болуучу тоскоолдуктар | Сунушталган иш-чаралар |
|---|---|---|
| 3. Окуу кабинеттеринде мейкиндикти уюштуруу | 1. Пол төшөлгөлөрү;<br><br>2. Жарыктандыруу;<br><br>3. Парталардын арасындагы тар өтмөктөр;<br><br>4. Эмерек. | 1. Көзү жакшы көрбөгөн балдарга алардын турган жерин аныктоо үчүн ар түрдүү рельефтүү пол төшөлгөлөрүн колдонуу;<br><br>2. Көзү жакшы көрбөгөн балдар жана таянуу-кыймылдатуу аппаратында бузулуулары бар окуучулар тоскоолдуксуз бир жерден экинчи жерге жыла алгандай кылып мектеп эмеректерин орнотуу;<br><br>3. Таяныч-кыймылдаткыч аппаратында бузулуулары бар окуучулар партадагы ордуна эркин отура алгандай кылып, парталардын арасындагы аралыкты кеңейтүү;<br><br>4. Дубал бойлото кармагычтарды орнотуу;<br><br>5. Парталарга кармагычтарды орнотуу;<br><br>6. Китеп текчелерин кол сунганда жете тургандай аралыкта орнотуу;<br><br>7. Бурчтары кайрылган эмеректерди пайдалануу;<br><br>8. Электр зымдарын, розеткаларды коопсуз кылып орнотуу;<br><br>9. Эс алуу үчүн жерлерди алдын ала караштыруу. |

**Тиркеме 16**

*Мектептеги «Жарандык коргонуу күнүн» даярдоо жана өткөрүү Планынын үлгүсү*

| «БЕКИТЕМ»<br>Райондук (шаардык) билим берүү<br>бөлүмүнүн башчысы<br>________________________________<br>«______» ________________ 20 ___-ж. | «МАКУЛДАШЫЛДЫ»<br>Райондук (шаардык) ӨКМ<br>болүмүнүн башчысы<br>_____________________________<br>«______» ________________ 20 ___-ж. |
|---|---|

**«Жарандык коргонуу күнүн» даярдоо жана өткөрүү**
**П Л А Н Ы**

| №<br>п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарылгандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 |
| Даярдануу мөөнөтү | | | | |
| 1 | ЖК Күнүн өткөрүү максатында кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу маселелерин регламентация кылган ченемдик жана укуктук иш кагаздарын изилдөө | | Мектеп директору мектептин ЖК боюнча Комиссиясынын мүчөлөрү | |
| 2 | Мектептин ЖК Комиссиясын ЖК Күнүн даярдоо жана өткөрүү боюнча иш-чараларга жооптуу башкаруу уюм катары дайындоо жөнүндө буйругун даярдоо жана жарыялоо | | Мектептин мүдүрү | |
| 3 | ЖК Күнүн өткөрүү ордун жана убактысын, ошондой эле катышуучулардын жана чакырылгандардын тизмесин аныктоо | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| 4 | ЖК Күнүн даярдоо жана өткөрүү Планын иштеп чыгуу, РайОНО, КР ӨКМ райондук бөлүгү, аймактык жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары менен макулдашуу | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| 5 | ЖК Күнүн даярдоо жана өткөрүү Планын макулдашуу боюнча мектептин кеңейтилген Педагогикалык кеңешин өткөрүү | | Мектеп директору Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| 6 | ЖК Күнүн даярдоо жана өткөрүү боюнча бардык жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар менен инструкциялык-методикалык сабакты өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясынын төрагасынын орун басары | |
| 7 | Мектептин кабарландыруу схемасын текшерүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| 8 | Мектептин эвакуациялоо планын текшерүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |

| № п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарылгандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Даярдоо сабактарын, машыгууларды, мелдештерди, эстафеталарды, суроо-жооп оюндарын жана конкурстарды уюштуруу жана өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоонун жана өткөрүүнүн жооптуу уюштуруучулары жана аткаруучулары | |
| 10 | ЖК Күнүн даярдоо жана өткөрүү маселелери бюнча бардык кызматчылар жана окуучулар менен түшүндүрүү жана үгүттөө иштерин өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоонун жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар | |
| 11 | Тематикалык сабактар, конкурстар, суроо-жооп оюндары ж.б. практикалык иш-чара үчүн тандалган өзгөчө кырдаалдар коркунучундагы жана учурундагы жүрүм-турум эрежелери боюнча мектеп окуучулары менен үйрөтүүчү чараларды өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар | |
| 12 | Окуу-материалдык базасын, үгүттөө көрсөтмө куралдарын, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери боюнча классын (бурчун) өркүндөтүү (түзүү) | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулары жана аткаруучулар | |
| 13 | ЖК Күнүн өткөрүү сценарийин иштеп чыгуу | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| 14 | ЖК Күнүн өткөрүүгө керектүү материалдык-техникалык жабдууларды, окуу-методикалык каражаттарды жана сыйлыктарды даярдоо | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар | |
| 15 | ЖК Күнүн өткөрүүгө катышуучулардын даярдыгын кароону өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы | |
| | Жарандык коргонуу Күнүн өткөрүү тартиби | | | |
| 1 | Мектептин ЖК Комиссиясын чогултуп, ЖК Күнүн өткөрүүгө даярдыктар маселелери боюнча ЖК боюнча Комиссиянын кеңири отурумун өткөрүү | | Мектептин мүдүрү | |
| 2 | Бардык катышуучулардын жана чакырылгандардын катышуусу менен жалпы мектеп «линейкасын» өткөрүү жана «ЖК Күнүнүн» салтанаттуу ачылышы | | Мектептин мүдүрү | |

| №<br>п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарыл-гандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Кырсык тобокелин азайтуу, жарандык коргонуу жана турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери сабагы боюнча окуу-методикалык чараларды өткөрүү:<br>ачык сабактарды,<br>машыгууларды,<br>көрсөтмө сабактарды,<br>конкурстарды,<br>суроо-жооп оюндарын,<br>көргөзмөлөрдү,<br>жана башкаларды, мисалы,<br>- «Кырсык жана адам» темасындагы сүрөт конкурсу;<br>- «Адам жана ӨК» темасы боюнча плакаттардын конкурсу;<br>- «ӨК кесепеттери адамдын жашоосунда» темасында дил баяндардын конкурсу;<br>- «Өзүңдү коргоону бил» темасындагы 2-4-класстардын окуучулары үчүн сабак;<br>- «Өзгөчө кырдаалдар окуясында менин жүрүм-турумум» темасы боюнча 8-11-класстардын окуучуларын сурамжылоо;<br>- «ӨК түрлөрү жана алардын кесепеттерин жоюу боюнча эң мыкты дубал гезитинин» конкурсу;<br>- «ӨК окуясында жүрүм-турумдун үлгүлөрү» темасында театрлаштырылган көрсөтүү конкурсу | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар | |
| 4 | Эмгек, Жарандык коргонуу ардагерлери, атактуу адамдар, эл аралык жана бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү менен жолугушууну өткөрүү | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар | |

| №<br>п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарыл-гандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 5 | Мектептин эрте кабарландыруу системасын колдонуу менен практикалык машыгууларды өткөрүү – «Көңүл бургула!» кабарландыруу сигналын берүү жана үйрөнүүчү өзгөчө кырдаалдар жарагандыгы жөнүндө (сценарий боюнча) кептик маалымат берүү | | Мектептин ЖК боюнча комиссиясы | |
| 6 | Шашылыш эвакуациялоо боюнча практикалык машыгууларды өткөрүү – бардык мектеп кызматчыларын жана окуучуларын (үйрөнүүчү өзгөчө кырдаалдар боюнча) коопсуз жерге (тилкеге) шашылыш эвакуациялоо | | Мектептин ЖК боюнча комиссиясы | |
| 7 | Бардык мектеп кызматчыларынын жана окуучулардын жалпы тизилиши, эвакуациялоонун өтүшүн текшерүү | | Мектептин ЖК боюнча комиссиясы | |
| 8 | Жардамга келген Жарандык коргонуунун профессионалдык бөлүмдөрү менен бирге аракеттенип мектеп түзүүлөрүнүн практикалык көрсөтмө аракеттерин өткөрүү:<br>• *биринчи жардам көрсөтүү боюнча*<br>• *жабырлануучуларды эвакуациялоо боюнча*<br>• *ата-энелерди, калкты маалыматтандыруу боюнча*<br>• *жана башка ӨК сценарийине ылайык* | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар Жарандык коргонуу профессионалдык бөлүмдөрү | |
| 9 | Жарандык коргонуунун профессионалдык бөлүмдөрү менен практикалык көрсөтмө аракеттерин өткөрүү (мектеп кызматчыларын жана окуучуларды (балдарды) тартпастан):<br>• *өрттүн очогун өчүрүү боюнча*<br>• *мектеп жайларынан жабырлануучуларды эвакуациялоо боюнча*<br>• *биринчи жардам көрсөтүү жана жабырлануучуларды дарылоо мекемелерине эвакуацилоо боюнча*<br>• *жана башка ӨК сценарийине ылайык* | | Жарандык коргонуунун профессионалдык бөлүмдөрү | |
| | Жарандык коргонуу Күнүнүн жыйынтыгын чыгаруу | | | |
| 1 | Бардык катышуучулардын жана чакырылгандардын катышуусу менен жалпы мектеп «линейкасын» өткөрүү, ЖК Күнүнүн жыйынтыгын чыгаруу | | Мектептин мүдүрү | |
| 2 | ЖК Күнүнүн жыйнтыгын чыгаруу жөнүндө Мүдүрдүн – ЖК жетекчисинин буйругун жарыялоо | | Мектептин мүдүрү | |

| № п/п | Өткөрүлүүчү иш-чаралар | Өткөрүү убакыты жана орду | Ким өткөрөт | Аткарылгандыгы жөнүндө маалымат |
|---|---|---|---|---|
| 3 | Конкурстардын, суроо-жооп оюндарынын, көргөзмөлөрдүн, кароолордун, практикалык аракеттердин ж.б. жеңүүчүлөрүнө сыйлыктарды, эсте калуучу белектерди тапшыруу | | Мектептин мүдүрү, чакырылган ардактуу коноктор | |
| 4 | Кырсык тобокелин азайтуу жана Жарандык коргонуу боюнча мыкты командаларды жана активисттерди сыйлоо | | Мектептин мүдүрү, чакырылган ардактуу коноктор | |
| 5 | Өздүк көркөм чыгармачылык тобунун концерти, КТА, ЖК, ӨК жөнүндө кинотасмаларды көрсөтүү жана башка тематикалык чаралар | | Мектептин ЖК боюнча Комиссиясы, Мугалимдер, жогорку класстын окуучулары, ЖК Күнүн даярдоого жана өткөрүүгө жооптуу уюштуруучулар жана аткаруучулар Жарандык коргонуу профессионалдык бөлүмдөрү | |

Мүдүр – Жарандык коргонуунун жетекчиси – мектептин Жарандык коргонуу боюнча комиссиясынын төрагасы.

## Өзгөчө кырдаалдар учурунда жана өзгөчө кырдаалдан кийин калктын аярлуу катмарларына билим алууга бирдей мүмкүнчүлүк берүүнү камсыз кылуу боюнча минималдык чаралар

| Аярлуу жактар/ окуучулар топтору категориялары | Пайда болушу же күч алышы мүмкүн тоскоолдуктар | | Чара көрүүгө зарыл аракеттер | |
|---|---|---|---|---|
| | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн |
| Кыздар | • балдардын болушу;<br>• кош бойлуулук;<br>• сабатсыздык же ата-эненин кыздарга билим алуунун маанилүү экендиги жөнүндө маалыматтын жетишпестиги;<br>• кыздар акча табууга жетиштүү билим алгандан кийин дароо мектепти ташташы керек деген ишеним;<br>• эрте турмушка чыгуу;<br>• кичине балдарды кароо;<br>• гигиена каражаттарынын жоктугу;<br>• мектепте кыздар үчүн атайын даараткананын жоктугу ж.б. | • зомбулуктун ар кандай түрлөрү;<br>• үй жумуштары;<br>• жакырчылык (тамак-аштын жетишпестиги, кийим-кечекин, китеп, кеңсе товарларынын жоктугу, акча табуу зарылчылыгы ж.б.у.с.);<br>• эксплуатациялоо;<br>• психологиялык жаракат;<br>• айлана-чөйрөдөгүлөрдүн жаман мамиле кылышы ж.б.;<br>• мектептин/убактылуу окуу жайынын алыстыгы;<br>• транспорттун жоктугу;<br>• мектепке баруучу/келүүчү жолдун кооптуулугу. | • мугалимдердин, окуучулардын жана ата-энелердин окууларына гендер маселелерин киргизүү;<br>• кыздар үчүн бөлүнгөн чөйрөнү камсыздоо (өзүнчө даараткана, жуунучу жай ж.б.);<br>• ата-энелердин, окуучулардын, мугалимдердин жана коомчулуктардын арасында чогулуштарды, жолугушууларды өткөрүү аркылуу кабар алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу жолу менен кыздарды мектептен билим алууга шыктандыруу;<br>• кош бойлуу окуучуларга адистерден кеңеш алууга шарт түзүү;<br>• кош бойлуу жана жаш балалуу окуучуларга альтернативдүү (өз алдынча, дистанциялык же кыскартылган ж.б.) окутуу ыкмаларын колдонуу. | • тиешелүү уюмдарды медициналык, социалдык жана психологиялык жардам көрсөтүүгө тартуу;<br>• коргоону камсыз кылуу үчүн бардык зомбулуктар жөнүндө маалымат берүүгө мүмкүнчүлүк берген механизмди колдонуу;<br>• жашыруун сырды сактоо;<br>• мугалимдер үчүн жүрүм-турум кодексин иштеп чыгуу жана колдонуу;<br>• бардык балдарды интеграциялоо максатында спорттук, маданий, ден соолукту чыңдоо иш-чараларын өткөрүү;<br>• психосоциалдык колдоо көрсөтүүгө багытталган атайын мейкиндикти түзүү;<br>• көп маданияттуу билим берүү, тынчтыкты куруу, ден соолукту сактоо, ВИЧ/СПИД, чыр-чатактарын чечүү боюнча кошумча ачык сааттарды, ата-энелер менен жолугушууларды өтүү. |

| Аярлуу жактар/ окуучулар топтору категориялары | Пайда болушу же күч алышы мүмкүн тоскоолдуктар | | Чара көрүүгө зарыл аракеттер | |
|---|---|---|---|---|
| | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн |
| Балдар | • оор физикалык жумуш кылуу;<br>• наркомания жана алкоголизм;<br>• криминалдык же куралдуу топторго тартылуу ж.б.;<br>• рэкет ж.б. | • гуманитардык жардамды, жетишпеген окуу куралдарын (азык-түлүктү, гигиена топтомдорун, мектеп үчүн топтомдорду, окуу китептерин ж.б.) акыйкатсыз бөлүштүрүү, | • укук коргоо, социалдык жана медициналык кызматтар менен иш жүргүзүүнү күчөтүү;<br>• балдар үчүн өзүнчө чөйрөнү камсыздоо (өзүнчө дааратканa, жуунучу жайлар, ж.б.) | • айрым балдарга окуу куралдарын, кийим-кече сатып берүү, транспорттук каражаттар менен камсыз кылуу максатында жардам көрсөтүү үчүн кошумча каражаттарды табуу;<br>• мугалимдерди, ата-энелерди жана окуучуларды окутууда алкоголизм, наркоманиянын көйгөйлөрүн алдын алуу маселелерин кошуу;<br>• мектепке баруучу/келүүчү жолдун коопсуздук планын иштеп чыгуу;<br>• психосоциалдык колдоо көрсөтүү;<br>• гуманитардык жардамды, жетишпеген окуу куралдарды жана башкаларды адилеттүү бөлүштүрүү ж.б. |
| Жетимдер | • ата-энеден айрылуу;<br>• карамагына алган кишинин жоктугу;<br>• туугандардыкында жашоо;<br>• турак-жайдын жоктугу ж.б. | | • жетим балдардын санын тактоо;<br>• жетим балдарды жөлөк пул менен камсыздандыруу жана үй-бүлөсү менен бириктирүү үчүн тийиштүү кызматтарды маалымдоо ж.б. | |
| ВИЧ/СПИД инфекциялуулар | • тоотпогондой мамиле жасоо;<br>• тиешелүү медициналык кызмат көрсөтүүнүн жоктугу;<br>• жашыруун сырды сактоонун жоктугу;<br>• айлана-чөйрөдөгүлөргө жугузуу коркунучу ж.б. | | • ВИЧ/СПИД менен инфекциялангандардын санын аныктоо;<br>• ооруну алдын алуу жана керектүү дары-дармектер менен камсыз кылуу үчүн медициналык кызматтар менен ишти күчөтүү. | |

| Аярлуу жактар/ окуучулар топтору категориялары | Пайда болушу же күч алышы мүмкүн тоскоолдуктар | | Чара көрүүгө зарыл аракеттер | |
|---|---|---|---|---|
| | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн | Атайын жеке жактар/ окуучулар топтору үчүн | Бардык жактар/ окуучулар топтору үчүн |
| Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | • тоотпогондой мамиле жасоо;<br>• тиешелүү медициналык кызмат көрсөтүүнүн жоктугу;<br>• ыңгайлаштырылган инфраструктуранын жоктугу;<br>• модификацияланган жана ыңгайлаштырылган окуу программалардын жоктугу ж.б. | | • мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын санын аныктоо;<br>• медицина кызматтары менен ишти күчөтүү;<br>• мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын муктаждыктарына жараша инфраструктураны ыңгайлаштыруу (15-тиркемени кара);<br>• мүмкүнчүлүгү чектелген балдарды мектепке кошуу боюнча мугалимдерди жана окуучуларды окутуу;<br>• окутуунун альтернативдик ыкмаларын колдонуу (өз алдынча, дистанциялык);<br>• окутуу программаларын ыңгайлаштыруу, модификациялоо ж.б. | |
| Аз улуттун жана диний топтун өкүлдөрү | • аз улуттардын тилдеринде китептердин жана материалдардын жоктугу;<br>• улуттук кийимдерин, каада-салттарын түшүнбөстүк жана кабыл албоо ж.б. | | • аз улуттар өкүлдөрүнүн балдарынын санын аныктоо;<br>• эки тилде окутууну киргизүү;<br>• аз улуттар өкүлдөрүнөн мугалимдерди кабыл алуу;<br>• мамлекеттик тил боюнча сабактарды өткөрүү ж.б. | |
| Качкындар же убактылуу орун которгондор | • кабыл алган өлкөдө билим алууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу;<br>• мектепке кабыл алуучу документтердин жоктугу ж.б. | | • окуучуларды мектепке кирүүдө процедураларды жана документтердин кабыл алуусун жеңилдетүү;<br>• качкындардын же убактылуу орун которгондордун өкүлдөрүнөн мугалимдерди кабыл алуу ж.б. | |

**Тиркеме 18**

*Билим берүүнүн биринчи кезектеги муктаждыктарын баалоонун үлгүсү*

Билим берүүнүн биринчи кезектеги муктаждыктарын баалоо

Мектептин толук аталышы:______________________________________________________

Жайгашкан жери: айыл, а/ө, шаар, район, облус

Мектеп мүдүрүнүн аты-жөнү жана телефон номери:

Баалоону өткөрүү күнү:____________________________________________

| № | Суроолор | Жооптор | | |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жалпы маалымат | | | |
| | Окутуу тилдери | | | |
| | Мектептин долбоордук кубаттуулугу | | | |
| | Окутуунун алмашуусу (1; 1,5; 2 жана 3 алмашуу (смена)) | | | |
| | Биринчи алмашуудагы (сменадагы) окуучулардын саны | | | |
| | ӨК чейин окуучулардын анык саны | Бардыгы | Балдар | Кыздар |
| | | | | |
| | ӨК кийин окуучулардын анык саны | | | |
| | ӨК чейин мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын анык саны | | | |
| | ӨК кийин мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулардын саны | | | |
| | Ата-энесиз жана карамагына алган адамы жок балдардын саны | | | |
| | Качкындардын ичинен же башка айыл/шаар/мамлекеттен келген жаңы балдардын саны | | | |
| | Баалоо жүрүп жаткан учурда сабакка катышып жаткан окуучулардын саны | | | |
| | ӨК чейин мугалимдердин жана мектептин башка кызматкерлеринин саны | | | |
| | ӨК кийин жумушту уланта алган мугалимдердин жана мектептин башка кызматкерлеринин саны | | | |
| | Качкындардын ичинен же башка айыл/шаар/мамлекеттен келген жаңы алынган мугалимдердин саны | | | |
| | Класс комплекттеринин саны | | | |
| | Мектеп кошумча окуучуларды жайгаштыра алабы? | | | |
| | Эгерде жайгаштыра алса, канча окуучуну жайгаштыра алат? | | | |
| | Окуу процесси токтотулду беле? | | | |
| | Эгерде токтотулса, канча мөөнөткө? | | | |
| | Мектеп убактылуу орун которгондорго же калктын башка топторуна кабыл алуу жайы катары пайдаланылып жатабы? | | | |
| | Эгерде пайдаланылса, канча адам үчүн? | | | |

| № | Суроолор | Жооптор | |
|---|---|---|---|
| | Кайсы жайлар же бөлмөлөр берилген? | | |
| | Мөөнөттөрү белгиленгенби? | | |
| | Мектептин имараты жөнүндө маалымат | | |
| | Мектептин имараты жабыркадыбы? | Толук кыйраган/колдонууга жараксыз | Жабыркаган/ колдонууга жарактуу |
| | | | |
| | Пайдалануу үчүн жарактуу болгон окуу бөлмөлөрдүн саны | | |
| | Пайдалануу үчүн жарактуу болгон башка жайлар (ашкана, спорт зал ж.б.у.с.) | | |
| | Ремонт кылууга мүмкүн болгон окуу бөлмөлөрүнүн саны | | |
| | Мектеп катары пайдаланууга мүмкүн болгон жамааттык имараттар барбы? | | |
| | Мектепке жакын жайгашкан Сиздин мектеп окуучуларыңызды убактылуу кабыл алууга мүмкүнчүлүк берген мектептер барбы? | | |
| | Мектептин материалдык-техникалык жабдуулары жөнүндө маалыматтар | | |
| | Өзгөчө кырдаалдардын кесепетинен мектептин материалдык-техникалык жабдуулары начарладыбы? | | |
| | Эгер начарлаган болсо, эмнелер?<br>1. Китептер, көрсөтмө куралдар | | |
| | 2. Мектеп эмеректери, жабдуулар | | |
| | 3. Спорт шаймандары | | |
| | 4. Жылытуу системасы | | |
| | 5. Электр зымдары | | |
| | 6. Суу менен камсыз кылуу системасы | | |
| | 7. Терезенин рамалары | | |
| | 8. Эшиктер | | |
| | 9. Башкалар ___________ | | |
| | Коргоо | | |
| | Мектепке кирүү эшиги коопсузбу? | | |
| | Окуучулар ӨКдан кийин мектепте же мектептин сыртында кандайдыр бир тобокелге кабылып жатабы? | Кыздар | Балдар |
| | • Эксплуатациялоо | | |
| | • Уурдап кетүү | | |
| | • Физикалык зомбулук (уруу, токмоктоо ж.б. ) | | |
| | • Сексуалдык зордук | | |
| | • Эмоционалдык зордук (кордук көрсөтүү, кемсинтүү ж.б.) | | |
| | • Дискриминация | | |
| | • Куралдуу топтордун болушу | | |
| | • Тартылуу, бүлгүнгө учурап калуу, Зордуктап алып кетүү, уурдоо жана адам сатуу тобокелдиктерине дуушар болуу | | |
| | • Башкалар___________________ | | |
| | Саламаттыкты сактоо | | |
| | Кирдин кесепетинен келип чыккан оорулар | | |

| № | Суроолор | Жооптор | |
|---|---|---|---|
| | Жугуштуу оорулар | | |
| | Вакцинация | | |
| | Башкалар___________________ | | |
| | Сабак өтүү жана окутуу | | |
| | Окуучуларга өзгөчө кырдаалдар шартында өздөрүн коргоп калышы үчүн кайсы маалыматты шашылыш түрдө угузуу зарыл? | | |
| | Тынчтыкты орнотуу | | |
| | Чыр-чатактарды чечүү | | |
| | Биринчи жардам көрсөтүү | | |
| | Саламаттыкты сактоо, тамактануу жана гигиенаны жайылтуу | | |
| | Зомбулуктун алдын алуу | | |
| | ВИЧ/СПИД ооруларын болтурбай жоюу | | |
| | Мина коркунучу жөнүндө маалымдоо | | |
| | Башкалар__________________ | | |
| | Суу, санитария жана гигиена | | |
| | Мектепте таза сууга жетүү мүмкүнчүлүгү барбы? | | |
| | Балдар жана кыздар үчүн өзүнчө дааратканалар барбы? | | |
| | Тамактануунун жана тамак даярдоонун алдында же дефекациядан кийин колдорду жууп тазалоого мүмкүнчүлүк барбы? | | |
| | Азыр же келечекте сууга жана санитардык шарттарга байланышкан кайсы оорулар пайда болушу мүмкүн? | | |

**Тиркеме 19**

*Өзгөчө кырдаалда билим берүүнү камсыз кылуу боюнча чара көрүү жана иш-чаралардын планынын үлгүсү*

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектептин имаратын/окуу бөлмөлөрүн жакшыртуу керек? | 1. Ондоо иштеринин көлөмүн аныктоо<br>2. Ондоо иштерин ким жүргүзөөрүн аныктоо (подрядчиктер, коомчулук мүчөлөрү ж.б.)<br>3. Курулуш материалдарын алып келип туруучуларды аныктоо<br>4. Чыгымдарды эсептеп чыгуу<br>5. Мөөнөтүн коюу<br>6. Мамлекеттик структуралар же донордук уюмдар каржылоо маселеси менен чечүү | • подрядчик уюмдар<br>• Бейөкмөт уюмдар<br>• Донордук уюмдар | • архитектура жана шаар куруу боюнча облустук башкармалыгы<br>• жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары<br>• райондук же шаардык билим берүү жана ӨК бөлүмдөрү же башкармалыктары<br>• коомчулук мүчөлөрү<br>• донордук уюмдар | • бардык негизги иш-чараларга жана оңдоо иштеринин мониторингине катышуу | • оңдоо иштеринин жүрүшү<br>• курулуш материалдарын жеткирүү мөөнөтү<br>• курулуш материалдарынын жана оңдоо иштеринин сапаты<br>• финансылык чыгымдар жана отчеттуулук ж.б.<br>• оңдолгон окуу бөлүмдөрдүн, имараттардын, дааратканалардын саны ж.б. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мектеп имаратын жана окуу бөлмөлөрүн оңдоо | 1. Мектеп катары колдонула турган коомчулук имараттарды аныктоо<br>2. Оңдоо иштеринин көлөмүн аныктоо<br>3. Имараттарды, жайларды, ошондой эле дааратканаларды, жылытуу жана суу менен камсыз кылуу системаларын ж.б.у.с. оңдоо жана даярдоо<br>4. коомчулук имараттар же бөлмөлөр жок болсо, палаткаларды орнотууга коопсуз жайларды аныктоо<br>5. Палаткаларды орнотуу<br>6. Палаткаларды орнотууга подрядчиктерди аныктоо<br>7. Чыгымдарды эсептеп чыгуу<br>8. Мөөнөтүн коюу<br>9. Каржылоо маселесин мамлекеттик структуралар же донордук уюмдар менен чечүү | • Подрядчик уюмдар<br>• Бейөкмөт уюмдар<br>• Райондук, шаардык билим берүү бөлүмдөрү же башкармалыктары<br>• Донордук уюмдар | • Архитектура жана шаар куруу облустук башкармалыктары<br>• Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары<br>• Райондук билим берүү жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Жамааттын мүчөлөрү<br>• Донордук уюмдар | • Туура келген имараттарды жана жайларды тандоого катышуу<br>• Бардык негизги иш-чараларда, оңдоо иштеринин мониторингин кошуу менен, туура келген коомчулук имараттар/курулуштар жана жайлар жок болсо, палаткаларды орнотуу үчүн коопсуз жерлерди тандоого катышуу | • Ылайыктуу имараттардын, жайлардын саны<br>• Курулуш материалдарды жана палаткаларды жеткирүү мөөнөтү<br>• Курулуш материалдардын жана оңдоо иштеринин сапаты<br>• Финансылык чыгымдар жана отчеттуулук ж.б.<br>• Убактылуу мектептер үчүн бөлүнгөн коопсуз жерлердин саны<br>• Палаткаларды орнотуунун жүрүшү ж.б. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Материалдык -техникалык камсыздоо | 1. Окуу процессин баштоо үчүн жетишсиз материалдарды аныктоо (китептер, жазуу тактайлары, мектеп эмеректери, спорт шаймандары ж.б.у.с.)<br>2. Канча окуучу жана канча мугалимге керек экенин эсептеп чыгуу<br>3. Башка мектептерден жетишсиз окуу материалдарынын бардыгын жана алар менен бөлүшө алгандыгын аныктоо<br>4. Чыгымдарды эсептеп чыгуу<br>5. Мөөнөттөрүн коюу<br>6. Каржылоо маселесин мамлекеттик структуралар же донордук уюмдар менен чечүү | • Билим берүү жана илим министрлиги<br>• Райондук билим берүү бөлүмдөрү, шаардык билим берүү башкармалыктары<br>• Басмаканалар<br>• Донордук уюмдар | • Билим жана илим министрлиги<br>• Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары<br>• Райондук билим берүү бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Жамааттын мүчөлөрү<br>• Донордук уюмдар | • Окуу процессин баштоо үчүн жетишсиз материалдарды аныктоо (китептер, жазуу тактайлары, мектеп эмеректери, спорт шаймандары ж.б.у.с.)<br>• Канча окуучу жана канча мугалимге керек экенин эсептеп чыгуу<br>• Башка мектептерден жетишсиз окуу материалдарынын бардыгын жана алар менен бөлүшө алгандыгын аныктоо | • Окуу-методикалык материалдардын, окуу китептеринин, мектеп эмеректеринин ж.б.у.с. жеткирүү мөөнөтү<br>• Финансылык чыгымдар жана отчеттуулук ж.б.у.с.<br>• Мектеп эмеректеринин, спорт шаймандарынын ж.б. сапаттары<br>• Кабыл алынган материалдардын саны ж.б.у.с. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Мугалимдерди мобилизациялоо жана даярдоо | 1. Канча мугалимдер, кайсы предметтерден сабак берүүгө даяр экендигин аныктоо<br>2. Кайсы предметтерден канча мугалим жетишпегендигин аныктоо<br>3. Кыргыз билим берүү академиясына мугалимдерди жумушка кабыл алуу боюнча квалификациялык талаптарды иштеп чыгуу<br>4. Мугалимдерди жумушка алуу максатында тандоо жүргүзүү<br>5. Окуучулардын коопсуздугу үчүн мугалимдердин рекомендацияларын текшерүү<br>6. Мугалимдер үчүн тренингдерди жана семинарларды пландаштыруу жана уюштуруу<br>7. Айлык маянасын билим берүүнүн райондук бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары же жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары аркылуу камсыз кылуу | • Кыргыз билим берүү академиясы<br>• Райондук билим берүү бөлүмдөрү, шаардык билим берүү башкармалыктары<br>• Бейөкмөт уюмдар<br>• Донордук уюмдар | • Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары<br>• Жамааттын мүчөлөрү<br>• Райондук билим берүү бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Донордук уюмдар | • Канча мугалимдер, кайсы предметтерден сабак берүүгө даяр экендигин аныктоо<br>• Кайсы предметтерден канча мугалим жетишпегендигин аныктоо<br>• Мугалимдерди жумушка кабыл алууда тандоо жүргүзүү<br>• Окуучулардын коопсуздугу үчүн мугалимдердин рекомендацияларын текшерүү<br>• Мугалимдер үчүн тренингдерди, семинарларды пландаштыруу жана уюштуруу | • Жумушка кабыл алынган мугалимдердин саны<br>• Атайын даярдыктан өткөн мугалимдердин саны<br>• Иштелип чыккан квалификациялык талаптар ж.б.у.с. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Окуу процессин өзгөчө кырдаалдар шарттарына ыңгайлаштыруу | 1. Төмөнкүлөрдү карап чыгуу жана аларда өзгөрүүлөрдү киргизүү тууралуу чечимдерди кабыл алуу:<br>• Окуу жылынын ченемдери<br>• Алмашуулардын (смендердин) саны<br>• Класстагы окуучулардын саны<br>• Окуучуларды мектепке алууда процедураларды жана иш кагаздарды жөнөкөйлөштүрүү<br>• Билим алууда альтернативдүү (өз алдынча, дистанциялык, кыскартылган ж.б.у.с.) окутуу ыкмаларын колдонуу<br>2. Мектептин ичинде жана мектепке барып келген жолдордо коопсуздукту жана караол кызматын камсыз кылуу | • Билим берүү жана илим министрлиги<br>• Райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү же башкармалыктары<br>• Донордук уюмдар<br>• Коопсуздукту камсыз кылуучу агентстволор | • Райондук билим берүү бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Мектеп администрациясы<br>• Ата-энелер<br>• Коопсуздукту камсыз кылуучу агентстволор | • 1. Төмөнкүлөрдү карап чыгуу жана аларда өзгөрүүлөрдү киргизүү тууралуу чечимдерди кабыл алуу:<br>• Окуу жылынын ченемдери<br>• Алмашуулардын (смендердин) саны<br>• Класстагы окуучулардын саны<br>• Окуучуларды мектепке алууда процедураларды жана иш кагаздарды жөнөкөйлөштүрүү<br>• Билим алууда альтернативдүү (өз алдынча, дистанциялык, кыскартылган ж.б.у.с.) окутуу ыкмаларын колдонуу<br>• 2. Мектептин ичинде жана мектепке барып келген жолдордо коопсуздукту жана кароол кызматын камсыз кылуу | • Мектепте жана класста окуучулардын саны<br>• Окуучуларды мектепке алууда процедураларды жана иш кагаздарды жөнөкөйлөштүрүү<br>• ж.б.у.с. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Психосоциалдык колдоо | 1. Психосоциалдык колдоого муктаж болгон окуучуларды аныктоо жана атайын адистерге, соц. кызматкерлерге, соц.педагогдорго, психологдорго, психотерапевтке жөнөтүү.<br>2. Формалдуу эмес билим берүү боюнча иш-чараларды пландаштыруу (оюндар, жарышуулар, лагерлер, фестивалдар ж.б.у.с.).<br>3. Окуучуларга психосоциалдык колдоо көрсөтүү үчүн мугалимдерге социалдык, медициналык кызматкерлердин жана донордук уюмдардын жардамы менен тренингдерди уюштуруу.<br>4. Мугалимдер менен окуучуларды тынчтыкта бирге жашоого, чыр-чатактарды чечүүгө, зордук-зомбулуктарды жана дискриминацияны алдын ала жоюуга окутуу аркылуу өз ара түшүнүшүүгө, тынчтык жана чыдамдуулукка, зордук-зомбулукту жана конфликттерди алдын ала жоюуга жардам берген чөйрөнү уюштуруу ж.б. | • Райондук жана шаардык социалдык өнүгүү башкармалыктары.<br>• Медициналык мекемелер.<br>• Бейөкмөт уюмдар.<br>• Мугалимдер коллективи.<br>• Мектеп администрациясы. | • Райондук жана шаардык социалдык өнүгүү башкармалыктары.<br>• Медициналык мекемелер.<br>• Донордук уюмдар. | • Психосоциалдык колдоого муктаж болгон окуучуларды аныктоо жана атайын адистерге, соц.кызматкерлерге, соц.педагогдорго, психологдорго, психотерапевтке жөнөтүү.<br>• Формалдуу эмес билим берүү боюнча иш-чараларды пландаштыруу (оюндар, жарышуулар, лагерлер, фестивалдар ж.б.у.с.).<br>• Окуучуларга психосоциалдык колдоо көрсөтүү үчүн мугалимдерге социалдык, медициналык кызматкерлердин жана донордук уюмдардын жардамы менен тренингдерди уюштуруу.<br>• Формалдык эмес социализациялоого, балдарды интеграциялоого жардам берген ар түрдүү иш-чараларды өткөрүүгө атайын бөлмөлөрдү уюштуруу жана жабдуу.<br>• Мугалимдер менен окуучуларды тынчтыкта бирге жашоого, чыр-чатактарды чечүүгө, зордук-зомбулуктарды жана дискриминацияны алдын ала жоюуга окутуу аркылуу өз ара түшүнүшүүгө, тынчтык жана чыдамдуулукка, зордук-зомбулукту жана конфликттерди алдын ала жоюуга жардам берген чөйрөнү уюштуруу ж.б. | • Психосоциалдык колдоого муктаж балдардын саны.<br>• Формалдык эмес билим берүү боюнча иш-чаралардын саны (оюндар, жарышуулар, лагерлер, фестивалдар ж.б.у.с.).<br>• Катышуучулардын жана тренингдердин саны.<br>• Чыр-чатактардын саны ж.б.у.с. | |

| Чаралар | Негизги иш-чаралар | Мүмкүн болуучу аткаруучулар | Өнөктөштөр | Мектеп деңгээлиндеги иш-чаралар | Болжолдуу көрсөткүчтөрдүн мониторинги | Эмнени жакшыртуу керек? |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Окутуу жана билим берүү | 1. Окуучулар жана мугалимдер үчүн ВИЧ/СПИД чыр-чатактарды алдын алуу, тынчтыкты куруу, өзгөчө кырдаалдарга даяр болуу ж.б. боюнча тренингдерди уюштуруу.<br>2. Жогоруда айтылган темалар боюнча атайын сабактан тышкары иш-чараларды уюштуруу. | • Кыргыз билим берүү академиясы<br>• Райондук билим берүү жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Мектеп администрациясы<br>• Педагогикалык коллектив<br>• Билим алуучулар<br>• Донордук уюмдар<br>• Бейөкмөт уюмдар | • Кыргыз билим берүү академиясы<br>• Райондук билим берүү жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмдөрү же шаардык башкармалыктары<br>• Бейөкмөт уюмдар<br>• Донордук уюмдар | • Окуучулар жана мугалимдер үчүн ВИЧ/СПИД чыр-чатактарды алдын алуу, тынчтыкты куруу, өзгөчө кырдаалдарга даяр болуу ж.б. боюнча тренингдерди уюштуруу.<br>• Жогоруда айтылган темалар боюнча атайын сабактан тышкары иш-чараларды уюштуруу. | • Тренингдердин жана катышуучулардын саны.<br>• Сабактан сырткары иш-чаралардын саны.<br>• Сабактан сырткаркы иш-чараларда катышкан окуучулардын саны ж.б.у.с. | |
| Окуу процессинин башталышы | 1. Балдардын ВИЧ/СПИД менен ооругандыгына, жынысына, жашына, диний көз карашына, улутуна карабастан билим берүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу ж.б.у.с.<br>2. Ыңгайсыз кырдаалдардагы өзгөчө калктын аярлуу катмарларынын мектепке тартылуусун жана сабактарга катышуусун баалоо жана талдоо жүргүзүү. | • Райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү же башкармалыктары.<br>• Мектеп администрациясы.<br>• Мугалимдер коллективи.<br>• Бейөкмөт уюмдар.<br>• Донордук уюмдар. | • Билим берүү жана илим министрлиги<br>• Райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү же башкармалыктары<br>• Бейөкмөт уюмдар<br>• Донордук уюмдар | • Балдардын ВИЧ/СПИД менен ооругандыгына, жынысына, жашына, диний көз карашына, улутуна карабастан билим берүүгө жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу ж.б.у.с.<br>• Ыңгайсыз кырдаалдардагы өзгөчө калктын аярлуу катмарларынын мектепке тартылуусун жана сабактарга катышуусун баалоо жана талдоо жүргүзүү. | • Калктын аярлуу катмарындагы балдардын мектепке тартылгандарынын саны.<br>• Мектепке барган балдардын саны.<br>• Баштапкы, орто жана жогорку класстарга кайтып келген балдардын саны ж.б.у.с. | |

Окуучулардагы стрессти аныктоону баалоо

| Симптомдор | 6-11 жаштагы балдар |
|---|---|
| Физикалык | • уйкунун бузулушу, мисалы, уктап жатканда кыйналуу, уйкусуроо, тынчсызданып уктоо;<br>• коркунучтуу түштөрдү көрүү;<br>• сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн бузулуусу, кекечтенүү, сүйлөө дефекттери ж.б.у.с.;<br>• оюн кыйналып айтуу;<br>• заараньн токтобой калышы;<br>• табиттин жоголушу же күчөшү;<br>• баш ооруу;<br>• ич ооруу;<br>• кыйналып дем алуу, беттин титиреши, мисалы, бет булчуңдарынын титиреши, көздү тез-тез ирмөө ж.б.у.с. |
| Жүрүм-турумга байланыштуу | • айланадагылар менен баарлашуудагы кыйынчылыктар;<br>• демонстративдүү түрдө тамактан баш тартуу;<br>• агрессивдүү жүрүм-турум;<br>• оюндарга, жалпы иш-чараларга катышуудан баш тартуу;<br>• гиперактивдүүлүк же активдүүлүктүн төмөндөөсү;<br>• жаңы көндүмдөрдүн пайда болуусу (тырмак кемирүү, бармактарын соруу, эринди тиштөө ж.б.);<br>• түнттүк;<br>• көңүлдүн бат-бат өзгөрүшү;<br>• тез чарчап калуу;<br>• өзүнө өзү төмөн баа берүү;<br>• жөнү жок ыйлоо;<br>• өзүнө зыян келтирүүнү каалоо;<br>• кыжырлануу;<br>• сүрөт тартууда күңүрт өңдөрдү колдонуу;<br>• дайыма жаман окуяларды эске түшүрүү ж.б. |
| Когнитивдүү | • эске тутуунун начарлыгы;<br>• концентрациянын жоктугу;<br>• элегейлик, (рассеяность);<br>• маалыматтарды кабыл албоо;<br>• окууга болгон кызыгуунун жоголуусу ж.б. |
| Эмоционалдык | • чуулдактан, катуу үндөрдөн коркуу;<br>• муңаюу;<br>• күнөө сезими;<br>• чочулоо ж.б. |

| Симптомдору | 12-17 жаш |
|---|---|
| Физикалык симптомдор | • кыйналып уктоо, тынчсыз уктоо, уйку басуу сыяктуу уйкунун бузулушу;<br>• түнүчүндө коркунучтуу түш көрүү;<br>• табиттин жоголушу же ачылышы;<br>• баш оору;<br>• ич оору;<br>• кыйналып дем алуу;<br>• беттин тартышы, мисалы, бет булчуңдарынын титиреши, тез-тез көз ирмөө ж.б. |
| Жүрүм-турумга байланыштуу | • айланадагылар менен баарлашууда кыйынчылыктар;<br>• тамактан баш тартуу;<br>• агрессивдүү жүрүм-түрүм;<br>• оюндарга, жалпы иш-чараларга катышуудан баш тартуу;<br>• гиперактивдүүлүк же активдүүлүктүн төмөндөөсү;<br>• жаңы көндүмдөрдүн пайда болуусу (тырмак кемирүү, бармактарды соруу, эринди тиштөө ж.б.);<br>• түнттүк;<br>• көңүлдүн өйдө-ылдыйлашы;<br>• тез чарчап калуу;<br>• өзүнө өзү төмөн баа берүү;<br>• сабактарды калтыруу;<br>• жөнү жок ыйлоо;<br>• кулак салбоо;<br>• жаман окуяларды дайым эске түшүрүү ж.б.;<br>• өзүн-өзү жок кылууга умтулуу (арак ичүү, наркотик кабыл алуу, өз жанын кыюуга аракет жасоо). |
| Когнитивдүүлүк | • эске тутуунун начарлыгы;<br>• концентрациянын жоктугу;<br>• элегейлик, (рассеяность);<br>• маалыматтарды кабыл албоо;<br>• окууга болгон кызыгуунун жоголуусу ж.б. |
| Эмоционалдык | • чуулдактан, катуу үндөн коркуу;<br>• муңаюу;<br>• өзүн күнөөлүү сезүү;<br>• коркуу ж.б. |